# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | МАРТ 2018 | № 3 (76) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

БУЛ САНДА:

**Көңүл чордонунда**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы аялдар ........ 3

Эмне үчүн ЖӨБ органдары коммерциялык ишмердүүлүк менен алектенбеши керек? .. 8

**Жарандардын ЖӨБго катышуусу**

Муниципалитеттер жарандар менен коммуникация үчүн жаңы технологияларды киðãиçүүäө ........ 15

**ЖӨБдүн кызмат көрсөтүүлөрү**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде бош убакытты өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурууга карата методикалык ыкмалар ........ 20

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары**

Жарандык бюджет – бул жергиликтүү бюджеттердин ачыктыгын жана отчеттуулугун камсыз кылган реалдуу аспап ........ 24

Муниципалдык сайттар жана маалыматты жайылтуунун заманбап аспаптары менен иштөө боюнча практикалык семинар ........ 25

Нарын жана Ош облустарындагы БӨУ өкүлдөрү Жарандык бюджеттик процесске катышуу моделинде каралган мониторинг жана баалоо системасы менен таанышып чыгышты ........ 26

Чакан гранттар программасы конкурсуна 2018-жылы 121 долбоордук өтүнмө түштү ........ 27

15 максаттуу ЖӨБ органы калк менен биргеликте иш-аракеттер планын иштеп чыгышты ........ 28

**ЖӨБ Союзунун жаңылыктары**

ЖӨБ Союзунун Башкаруу жыйыны ........ 29

Мыйзам чыгаруу ишине катышуу жана ЖӨБдүн кызыкчылыктарын коргоо ........ 29

«Курултайлар жөнүндө» Мыйзамынын долбооруна катчылыктын иш-милдеттерин КР ЖӨБ Союзу аткарсын деген сунуш берилди ........ 30

Ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү механизми боюнча өкмөткө каршы пикир ........ 30

ЖӨБ Союзунун мүчөлөрүнүн бюджет жөнүндө парламенттик угууларга катышуусу ........ 31

КР ЖӨБ Союзунун Эксперттик кеңеши түзүлдү ........ 31

**ЖӨБ Союзу суроолорго жооп берет**

ÆӨÁ Ñî þçóí óí ì ү÷өëөðүí үí áþ äæåò æөí үí äө ï àðëàì åí òòèê óãóóëàðãà êàòû ø óóñó ........ 31

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
*Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)*

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
*Надежда Добрецова*

Аткаруучу редактор
*Лариса Ли*

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
*Нургүл Жаманкулова*

Дизайн жана жасалгалоо
*Адиль Абдраимов*

Кыргыз тилине которгон
*Зейнеп Алтымышова*

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com
**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

# МСУ. Работают женщины. Решение принимают мужчины



Алексей СКАЧКОВ

*Плакаттын автору – Алексей СКАЧКОВ, “Жакшы жашоо: ушул жерде жана азыр-2017” плакаттар конкурсунун катышуучусу*

# Жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы аялдар

Чечим кабыл алуу процессинде, жалпак тил менен айтканда, бийликке таасир тийгизип, бийликке катышууда аялдардын укуктарына карата реалдуу кырдаал чеке жылытпайт. Кыргызстанда соңку жылдары түзүлгөн мындай кырдаалды “Чечим кабыл алчу жерде – эркектер, иштегени келгенде – аялдар” деп сүрөттөсө болчудай.

Тилекке каршы, Өнүктүрүү саясат институтунун муниципалитеттердеги ишинин практикалык тажрыйбасы бул сөз чын болгонун тастыктап жатат. Эркектер чечим кабыл алуу үчүн чогулушат, ал эми ошол чечимдин алдындагы даярдык иштеринин олуттуу үлүшүн жана аны аткаруу боюнча иштин басымдуу бөлүгүн аялдар аткарышат. Бул сөздөрүбүздү жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы гендердик статистика да тастыктап турат. Бул статистиканы биз 8-март – Жаз майрамын эсепке алуу менен, эч кандай өзгөчө жоромол жасабастан жарыялоону чечтик. Адатта бул күнү аялдын коомдун өнүгүүсүндөгү ролун эстеп калат эмеспизби. Статистиканы аялдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы абалына карата иш жүзүндөгү кырдаалды так чагылдырган “жандуу сүрөттөр” менен гана көрсөтүп берүүнү чечтик. Ошондой эле бул “жазгы салатты” шайлоо процесстериндеги гендердик баланстын сакталышына жүргүзүлгөн изилдөөнүн үзүндүлөрү менен толуктадык.

Биздин кадырлуу окурманыбыз тыянакты өз алдынча жасап алат деп ишенебиз.

***1-таблица. ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын (айыл өкмөт башчылар жана шаарлардын мэрлери) жетекчилигинде гендердик курам[1]***

| Облус | А | Э | Пайыздар менен |
|---|---|---|---|
| Чуй | 4 | 107 | 3,6 |
| Ош | 1 | 90 | 1,1 |
| Нарын | 3 | 64 | 4,5 |
| Баткен | 0 | 36 | 0,0 |
| Ысык-Көл | 1 | 63 | 1,6 |
| Жалал-Абад | 3 | 73 | 3,9 |
| Талас | 1 | 38 | 2,6 |
| БААРЫ | 13 | 471 | |
| **Орточо Кыргыз Республикасы боюнча** | | | **2,5** |

[1] Бул таблицада ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун маалыматтары колдонулду.

## АЯЛДАР ЖӨБдүн АТКАРУУ ОРГАНДАРЫНДА[1]

Аялдар бардык муниципалдык кызматтарда 37,0% ээлейт. Бирок саясий кызматтарда аялдардын үлүшү болгону 4,0%, жогорку кызматтарда – 13,0% түзөт. Негизги кызматта – 46,0%, башкыда – 41,0%, кичүүдө – 34,0%, патронаттык кызматта – 25,0%. Башкача айтканда, кызмат канчалык төмөн болуп, буга жараша айлык акынын деңгээли да аз, ал эми “кара” жумуш көп болсо, бул кызматты ээлеген аялдардын саны да көп болот.

Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү аялдар үчүн муни-

***1-диаграмма. Муниципалдык кызматтарда аялдардын жана эркектердин саны***




[1] Бул бөлүмдө “Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу, 2015-2016. “Муниципалитет” *журналына* маалыматтык-аналитикалык тиркеме” басылмасынан алынган маалыматтар колдонулду.

ципалдык кызматка жеткиликтүүлүк ушундай эле абалда турган эркектерге караганда начар. Айталы, муниципалдык кызматтарда ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү 134 адам иштейт, анын ичинен 117си эркек жана 17си аял. III топтогу майыптар – 51 (38%), алардын ичинен аялдар 12 (24%); II топтогу майыптар – 70 (52%), алардын ичинен аялдар 17 (24%); I топтогу майыптар – 14 (10%).

## АЯЛДАР ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДЕ[1]

Элеттеги жергиликтүү кеңештерде аялдардын көрсөтүлгөн деңгээлинин азайышы. Жалпысынан Кыргыз Республикасы боюнча 2016-жылдагы шайлоодон кийин аялдардын элеттеги жергиликтүү кеңештерде орун алышы 2% азайып, депутаттардын жалпы санынан 13% түздү. Аялдардын бул кызматтарда көрсөтүлгөн деңгээлинин өзгөчө азайганы Нарын облусунда (5%) жана Чүй облусунда (6%) байкалат. Талас жана Жалал-Абад облустарында айрым бир өсүш байкалды. Аялдардын жергиликтүү кеңештерде орун алуусунун эң төмөнкү деңгээли Ош облусунда байкалат.

Шаардык кеңештердин курамындагы аялдардын үлүшү да азайды – 24,6 пайыздан 20,5% чейин кыскарды. Жалпысынан шаардык кеңештерде кырдаал өлкө боюнча жана облустар боюнча орточо алып караганда аздыр-көптүр жакшы. 2016-жылдагы шайлоонун жыйынтыктары боюнча кеңеште бир да аял болбогон шаар пайда болду – бул Кант шаары. Жалал-Абад, Таш-Көмүр жана Өзгөндөгү кеңештерде аялдар 10% азыраак. Жалпы тарабынан кабыл алынган 30% деңгээлге Айдаркен, Кемин, Ноокат,

***2-таблица. Аялдардын шаардык кеңештердеги көрсөтүлгөн деңгээли[1]***

| Шаар | 2012-жылдагы шайлоодон кийин | | | | 2016-жылдагы шайлоодон кийин | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Э | А | Баары | Аялдардын үлүшү | Э | А | Баары | Аялдардын үлүшү |
| Кербен | 24 | 7 | 31 | 22,6% | 24 | 7 | 31 | 22,6% |
| Айдаркен | 15 | 6 | 21 | 28,6% | 15 | 6 | 21 | 28,6% |
| Балыкчы | 24 | 7 | 31 | 22,6% | 24 | 7 | 31 | 22,6% |
| Баткен | 26 | 5 | 31 | 16,1% | 24 | 7 | 31 | 22,6% |
| Бишкек | | | | | 36 | 9 | 45 | 20,0% |
| Жалал-Абад | 27 | 4 | 31 | 12,9% | 29 | 2 | 31 | 6,5% |
| Исфана | 25 | 6 | 31 | 19,4% | 27 | 4 | 31 | 12,9% |
| Кадамжай | 14 | 7 | 21 | 33,3% | 16 | 5 | 21 | 23,8% |
| Кайыңды | 18 | 4 | 22 | 18,2% | 17 | 4 | 21 | 19,0% |
| Кант | 20 | 11 | 31 | 35,5% | 21 | 0 | 21 | 0,0% |
| Кара-Балта | 20 | 11 | 31 | 35,5% | 25 | 6 | 31 | 19,4% |
| Каракол | 23 | 8 | 31 | 25,8% | 23 | 8 | 31 | 25,8% |
| Кара-Көл | | | | | 25 | 6 | 31 | 19,4% |
| Кара-Суу | 26 | 5 | 31 | 16,1% | 26 | 5 | 31 | 16,1% |
| Кемин | 16 | 5 | 21 | 23,8% | 15 | 6 | 21 | 28,6% |
| Көк-Жаңгак | | | 0 | | 13 | 8 | 21 | 38,1% |
| Кочкор-Ата | | | 0 | | 18 | 3 | 21 | 14,3% |
| Кызыл-Кыя | 22 | 9 | 31 | 29,0% | 24 | 7 | 31 | 22,6% |
| Майлуу-Суу | 26 | 5 | 31 | 16,1% | 26 | 5 | 31 | 16,1% |
| Нарын | 22 | 9 | 31 | 29,0% | 24 | 7 | 31 | 22,6% |
| Ноокат | 15 | 6 | 21 | 28,6% | 15 | 6 | 21 | 28,6% |
| Орловка | 14 | 7 | 21 | 33,3% | 17 | 4 | 21 | 19,0% |
| Ош | 37 | 8 | 45 | 17,8% | 37 | 8 | 45 | 17,8% |
| Сүлүктү | 22 | 9 | 31 | 29,0% | 22 | 9 | 31 | 29,0% |
| Талас | 29 | 1 | 30 | 3,3% | 25 | 6 | 31 | 19,4% |
| Таш-Көмүр | 21 | 10 | 31 | 32,3% | 28 | 3 | 31 | 9,7% |
| Токмок | 26 | 5 | 31 | 16,1% | 26 | 5 | 31 | 16,1% |
| Токтогул | 15 | 6 | 21 | 28,6% | 15 | 6 | 21 | 28,6% |
| Өзгөн | 25 | 6 | 31 | 19,4% | 28 | 3 | 31 | 9,7% |
| Чолпон-Ата | 14 | 7 | 21 | 33,3% | 15 | 6 | 21 | 28,6% |
| Шопоков | 13 | 8 | 21 | 38,1% | 15 | 6 | 21 | 28,6% |
| Жалпы жыйынтык: | 695 | 174 | 761 | 24,6% | 695 | 174 | 869 | 20,5% |

[1] 2012-жылдагы чакырылыш жөнүндө маалыматтар шаарларга суроо-талаптарды жөнөтүү жолу менен чогултулду, алардын ичинде маалыматтарды бербегендер да болду.

***2-диаграмма. Аялдардын жергиликтүү кеңештерде көрсөтүлгөн деңгээли***




[1] Бул бөлүмдө **“Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу, 2015-2016. *“Муниципалитет” журналына*** маалыматтык-аналитикалык тиркеме” басылмасынан алынган маалыматтар колдонулду.

### Эмесе, аялдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы үлүшү жөнүндө айрым бир фактылар:

- **саясий кызматтарда аялдардын үлүшү болгону 4 пайызды гана түзөт;**
- **ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү муниципалдык кызматчылардын арасында аялдар жумуш орундарынын болгону 14,5% ээлейт;**
- **2016-жылдагы шайлоодон кийин аялдардын элеттеги жергиликтүү кеңештердеги кызмат орду 2% кыскарып, депутаттардын жалпы санынан 13% түздү;**
- **шаардык кеңештердин курамында аялдардын үлүшү түштү – 24,6 пайыздан 20,5% чейин;**
- **2016-жылдагы шайлоодон кийин жергиликтүү кеңеште бир да аял болбогон шаар пайда болду – Кант шаары;**
- **Жалал-Абад, Таш-Көмүр жана Өзгөндөгү кеңештерде аялдар 10% ашпайт.**

Токтогул, Чолпон-Ата, Шопоков, Сүлүктү шаарлары жакындап келатат. Көк-Жаңгак шаарында гана 30% босогодон ашышты, бул жерде аялдардын кеңештеги үлүшү 38,1 пайызды түздү же 21 депутаттын сегизи аялдар.

## ГЕНДЕРДИК КӨРҮНӨШ: ПРАКТИКТЕРДИН ЖАНА ИЗИЛДӨӨЧҮЛӨРДҮН БАЙКООЛОРУ

Өнүктүрүү саясат институту жана башка бейөкмөт уюмдар элеттик жамааттарда көптөгөн иш-чараларды жана изилдөөлөрдү жүргүзүп келишет. Бул иш-чаралар гендердик теңдикке байланышкан реалдуу кырдаалга карата байкоолордун топтомун түзүүгө жол ачат. Төмөндөгү байкоолор кырдаалды толук сүрөттөбөйт, бирок жергиликтүү жамааттарда аялдардын чыныгы абалы кандай болгону, алардын чечим кабыл алуу процессине катышуу, өнүгүү үчүн бакубатчылыкка жана шарттарга жеткиликтүүлүк укуктары кантип ишке ашырылып жатканы тууралуу жалпы элести берет.

### Эркек балдарга салыштырмалуу кыздардын өнүгүү үчүн мүмкүнчүлүктөрү азыраак

Соңку жылдары жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктары көп учурларда инфраструктуралык




*Плакаттын автору – Дүйшөбек ИСКАКОВ, “Жакшы жашоо: ушул жерде жана азыр-2017” плакаттар конкурсунун катышуучусу*

кызмат көрсөтүүлөргө (ичүүчү суу, таштанды тазалоо, жергиликтүү жолдорду оңдоо) болгон базалык керектөөлөрдү канааттандыруудан түрдүү социалдык маселелерди, анын ичинде билим берүү, маданият жана спорт чөйрөсүндөгү маселелерди чечүүгө өттү. Көпчүлүк муниципалитеттерде спорт аянтчалары курулуп, спорт залдар ачылып, таймаштар өткөрүлүп келет. Бирок бул спорттук объекттердин басымдуу бөлүгү негизинен эркектер алектене ала турган спорттун түрлөрүн өнүктүрүүгө арналган. Айталы, муниципалитеттерде футбол талаалары курулуп, күрөш, бокс, машыктыруучу ж.б. залдар ачылууда. Ошентип спорттук секциялар жана объекттер кыздар жана аялдар үчүн эмес, негизинен балдар, жигиттер жана эркектер үчүн жеткиликтүү болууда. Бул спорттук объекттерди колдонгон гендердик баланска карата статистика жүргүзүлбөйт. Бирок эркектер үчүн спорттук объекттер тууралуу кабарлар абдан көп, ал эми аялдар үчүн спорттук кызмат көрсөтүүлөр ачылганы тууралуу жаңылыктар ушунчалык сейрек болгондуктан, сенсациялуу кабар катары кабыл алынат. Бирок акыйкаттык үчүн белгилей кетиш керек, мындай кабарлар бар. Мисалы, Чүй облусунун Гроздь айылында аялдар үчүн спорт зал ачылса, Жалал-Абад облусунун Масы айылында талаада кыздардын волейбол командасы машыгып турат. Бирок чындап эле мындай көрүнүштөр өтө сейрек кездешет.

## Аялдардын башкаруу органдарында иштөө укугу шектенүүнү пайда кылууда

Тоолуу райондордун бириндеги айыл өкмөтүндө жалгыз келин иштейт. Бирок анын жумушка болгон укугун коомчулук шектенүү менен кабыл алгандыктан, келиндин күйөөсү аны күн сайын жумушка узатып барууга мажбур. Келиндин жолдошу жумуш күнү бүткөнгө чейин анын жанында отурат, антпесе кызматтык милдеттерин аткарып жатканда чоочун эркектер менен сүйлөшүүгө туура келгендиктен үй-бүлөлүү аял катары абройуна шек келүүдө.

## “Жакшы кыз” деген социалдык стереотип кыздардын социалдашуусуна тоскоол болууда[1]

Ош жана Жалал-Абад облустарындагы жамааттарда кыздарга, алардын жашоо образына, каа-

[1] КРдагы ХЕЛЬВЕТАС Свисс Интеркооперейшн Ассоциациясынын филиалынын буйрутмасы боюнча “Youth of Osh” коомдук бирикмеси тарабынан аткарылган иликтөөдөн алынды.

*Плакаттын автору – Артур БОЛЖУРОВ, “Жакшы жашоо: ушул жерде жана азыр-2017” плакаттар конкурсунун катышуучусу*



лоолоруна жана карьералык дымактарына карата өтө катаал гендердик стереотиптер калыптанып калган. Булар кыздарга социалдык басым жасап, аларга өз кыялдарына жана максаттарына жетүүгө бут тосууда.

Эң кеңири жайылган стереотиптердин бири болуп “жакшы кыз” деген түшүнүк эсептелинет. Бул стереотип кыздын үйдө жана жамаатта карманышы керек болгон жүрүм-турум моделинин жыйындысы болуп саналат. Биринчи кезекте бул стереотип кыздын тышкы келбетине тиешелүү. “Жакшы кыз” денесинин кайсы бир жерин бөлүп көрсөтпөгөн жупуну кийим кийип жүрөт; көпчүлүк “жакшы кыздар” жоолук салынып, хижаб кийишет. “Жакшы кыз” эркектер менен сүйлөшпөйт, үй жумуштарын мыкты аткарат, ата-энесин угат жана эч кандай дымактуу карьералык пландарды курбайт. Мындай кыздар мектептеги жана жамааттагы коомдук иш-чараларга тартылбайт. Фокус-топтор маалында түзүлгөн портретке ылайык, “жакшы кыз” ата-энесинин жана улуулардын тандоосуна көнөт; 18 жаштан кеч калбай турмушка чыгып, үй-бүлө күтөт. Бул стереотип кыздардын жогорку билим алуусуна, атүгүл орто-атайын билим алуусуна да бут тосууда.

Изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, кыздар ичинен каршы болуп жатса да, өзүнүн ролун коомдук пикирге ылайык кабыл алууга мажбур. Кыздар эркин болуп, билим алып, хижаб кийбей жүрүү тууралуу кыялдары менен бөлүштү, бирок алар өз жамааттарындагы коомдук пикирге өз алдынча каршы тура алышпайт. Социалдык нормалардан жана “жакшы кыз” стереотибинен четтесе, мунун кесепеттери оор болот – социалдык изоляцияда калып, коомдук айыптоого туш болот.

## КЫРДААЛГА ТААСИР ТИЙГИЗСЕ БОЛОБУ?

Жергиликтүү жамааттардагы иш практикасы көрсөткөндөй, каалоо болсо жамаат аялдарды чечим кабыл алуу процессине тартып, гендердик балансты өзгөртүп, теңдештире алат. Коомдук талкууларда жана инвестициялоо үчүн артыкчылыктуу долбоорлорду тандоодо аялдардын катышуу деңгээли кантип өсө турганын ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жергиликтүү жамааттар менен иш тажрыйбасы көрсөттү.

Ошону менен бирге көп учурларда аялдардын катышуусунун эффективдүүлүгү эркектерге салыштырмалуу жогору болуп чыга келет. Бул жерде аялдар эркектерге салыштырмалуу өздөрү сунуштаган долбоорлорду канчалык ийгиликтүү коргогону тууралуу сөз болуп жатат. Айталы, 2017-жылы Чүй облусунда инвестициялоо үчүн өз долбоорлору менен тааныштырган аялдардын арасында ар бир экинчи аял жамаат тарабынан колдоого ээ болгон – аялдар сунуштаган 14 долбоордун жетөө колдоо тапкан. Эркектер арасында ийгиликтүү баяндамачылар азыраак болду – ар бир бешинчи эркек колдоо тапкан, себеби жамаат эркектер сунуштаган 20 долбоордун ичинен төртөөн гана колдоп берген. 2018-жылы Ош жана Нарын облустарында аялдардын арасынан ийгиликтүү баяндамачылардын үлүшү 42 пайызды, эркектер арасында 39 пайызды түздү.

Чүйдөгү муниципалитеттерде добуш берүү даярдалган аудиторияда жүргөнүн белгилей кетүү зарыл – эки жыл бою ЭҮЖӨБОЖ Долбоору анын ичинде гендердик теңдик маселелери боюнча да бул муниципалитеттерде иш алып барган. Нарын жана Ош облустарында иш эми гана башталды. Бирок бул жерлерде да аялдар арасында ийгиликтүү баяндамачылар бир аз да болсо көбүрөөк болуп чыкты. Бардык облустарда чогулуштардын катышуучуларынын басымдуу бөлүгүн эркектер түзгөнү маанилүү фактор. Бул демек аялдар сунуштаган долбоорлор үчүн аялдар да, эркектер да добуш берди дегенди билдирет.

***3-диаграмма. Инвестициялоо үчүн долбоорлор менен тааныштырууда аялдардын эффективдүүлүгү, Чүй облусу, 2017-жыл, пайыздар менен***




***4-диаграмма. Инвестициялоо үчүн долбоорлор менен тааныштырууда аялдардын эффективдүүлүгү, Ош жана Нарын облустары, 2018-жыл, пайыздар менен***





# Эмне үчүн ЖӨБ органдары коммерциялык ишмердүүлүк менен алектенбеши керек?

**Өнүктүрүү саясат институтунун, ЖӨБ Союзунун, ХЕЛЬВЕТАС Свисс Интеркооперейшн Ассоциациясынын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө; Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына; өнүктүрүү боюнча эл аралык өнөктөштөргө жана алардын долбоорлоруна КАЙРЫЛУУСУ**

***ЖӨБ органдарынын коммерциялык уюмдарды түзүү практикасы (жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү максатын көздөгөн муниципалдык ишканаларды кошпогондо) мамлекеттик башкаруунун азыркы принциптерине, рынок экономикасына, мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн позициясына карама-каршы келет.***

Соңку бир нече жылдан бери ЖМКда тигил же бул ЖӨБ органы коммерциялык уюм ачып жатканы тууралуу бир нече кабар чыкты. Өнүгүү боюнча көптөгөн эл аралык өнөктөштөр, донорлор жана алардын долбоорлору ЖӨБ органдарына жарандарга мисалы, айыл чарба чөйрөсүндөгү коммерциялык кызматтарды көрсөтүүнү сунуштап келишет. Ошону менен бирге бул фактылар оң маанайдагы практика катары тартууланат – бул муниципалитеттерге кошумча киреше таап, дотациядан чыгып, жумушчу орундарды түзүп, жакырчылыктын деңгээлин азайтып, зарыл болгон кызмат көрсөтүүнү түзүүгө ж.б. жардам берет дешет. Чындыгында бул мамлекеттик башкаруунун заманбап принциптерине, рынок экономикасына, мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн позициясына карама-каршы келген жарабаган практика.

## Мамлекеттик башкаруунун заманбап принциптерине карама-каршылык

Кыргыз Республикасы заманбап “тейлөөчү” мамлекетти куруп жатат. Мындай мамлекеттин принциби – ал ишмердүүлүк менен гана алектенип, жеке сектор бере албаган же катуу мамлекеттик жөнгө салууну жана мамлекеттик көзөмөлдү талап кылган коомдук кызматтарды гана көрсөтөт. Мамлекеттик чек араны коргоо функциясын жеке секторго өткөрүп берүүгө болбойт. Кыргызстандын бүтүндөй аймагында ичүүчү сууга же электр энергиясына жеткиликтүүлүктү көзөмөлдөш керек. Жарандардын жеке орто билим берүү үчүн жөндөмдүүлүгүнө же жөндөмсүздүгүнө карабастан бардыгы үчүн орточо билим берүүнү камсыз кылуу өтө зарыл. Бирок талааны айдап, нан бышырып, шым тигип же ресторанда тейлөө менен алектенүүгө мамлекеттин зарылчылыгы жок. Мунун баары – кызмат көрсөтүүлөр, аларды жумушчу орундардын негизги бөлүгүн түзгөн жана улуттук байлыктын бир кыйла үлүшүн чыгарган жеке сектор алектене алат жана ал муну жасашы керек.

Азыр эч ким четке кагууга аракет кылбаган бир аксиома бар – мамлекет бизнес менен өзү алектенбеши керек. Мамлекет атаандаштык чөйрөсүн коргоо менен ишкерликти өнүктүрүү үчүн шарттарды гана түзүп берүүгө тийиш. ЖӨБ органдары Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен белгиленген мамлекеттик бийлик системасынын бир бөлүгү болуп саналат. Ишкер катары рынок экономикасына кийлигишпөө принциби ЖӨБ органдарына да толук тиешелүү. Бул жерде “кийлигишпөө” деген түшүнүк экономикалык өнүгүүнү жөнгө салуунун жоктугун эмес, мамлекеттин коммерциялык ишке тикелей катышпоосун билдире турганын түшүнүү маанилүү. Экономикалык өнүгүүнүн деңгээли түрдүү болушу ыктымал жана бул жерде биз карай турган предмет эмес. Мындан тышкары мамлекетте өзгөчө кадыресе монополияларга карата тикелей экономикалык функциялары да бар.

Бүгүнкү күндө ЖӨБ органдары кандай ишканаларды түзүп жатышат? Наабайканаларды, ресторандарды, балык жана эт цехтерин, жыгач иштетүүчү жана кыш куюучу устаканаларды, машина-трактор станцияларын жана башкаларды ачууда. Башкача айтканда, Кыргыз Республикасында ЖӨБ органдарынын коммерциялык уюмдарды түзүү практикасы көрсөткөндөй, ЖӨБ органдары чакан жана орто бизнес өзү деле жасоого жөндөмдүү болгон тамак-аш өндүрүшү жана кызмат көрсөтүүлөр менен алектенип жатышат. Бул болсо ЖӨБ органдары чакан жана орто бизнес чөйрөсүнө тикелей кийлигишип жатат дегенди билдирет.

**АКИпресс: «Аксыда айыл өкмөтү дотациядан чыгуу үчүн 5 млн. сомго ресторан курду»**




## Бул эмнеге алып келет, кесепеттери кандай болот?

Кесепеттерин билүү үчүн “макул” болгон жүйөлөрдү мындай коммерциялык ишмердүүлүктөн пайда болгон реалдуу эффект менен салыштырып көрүш керек. Мисалы, көпчүлүк айыл өкмөт башчылары мындай бизнес жергиликтүү бюджеттерге өз алдынча акча “таап”, дотациядан чыгууга жардам берээрин айтышат. Дотациядан кеп кылалы. Дотация же теңдештирүүчү грант – бул мамлекеттеги бюджет аралык мамилелердин саясатынын натыйжасы. Бул саясат мындайча түзүлгөн – мамлекет адегенде аймактардан дээрлик бардык салык кирешелерин алат, андан соң аларды кайра региондорго дотация же теңдештирүүчү гранттар түрүндө кайтарып берет. Ошондой эле ЖӨБ органдары кандай гана аракеттерди жасабасын, бирок теңдештирүү дайыма болот. Анткени аймактардын экономикалык потенциалы айырмалуу жана дайыма айырмаланып турат: он миңдеген адамдар жашаган, өрөөн боюнда орун алган, соода жана өндүрүш жигердүү өнүгүп жаткан айылды эки миңге жакын адам жашаган, соода жүрбөгөн жана эч кандай өндүрүшү болбогон

чакан тоолуу айыл менен эч качан салыштырбаш керек. Эми "акча табуу" жөнүндө сөз кылсак. Бир нече ишканага жасалган анализ көрсөткөндөй[1], мындай ишканалар кирешелүү болбойт, жергиликтүү бюджеттен дотацияланат, киреше эмес, чыгаша беренесине айланат. Мисалы, жөнөкөй эсептер көрсөткөндөй, алыскы аймактын жергиликтүү бюджетинен ресторандын курулушуна деп бөлүнгөн 5 миллион сомдук салымы өзүн актай башташы үчүн бери дегенде 10 жыл талап кылынат. Бирок он жылдан кийин имаратка капиталдык ремонт жасап, жабдууларын жаңыртыш керек жана бул цикл кайрадан башталат. Ошону менен бирге муниципалдык ишканалар жеке ишканалардан айырмаланып, салык төлөөчүлөрдүн акчасын чоң тобокелдикке түртүп жатышат. Себеби жеке ишканалардын кожоюндары өз акчасын инвестициялаганда өзгөчө сак болушат. Жеке бизнестин өз каражаттарын колдонуусу менен ЖӨБ органдарынын салык төлөөчүлөрдүн акчасын пайдаланганы ортосунда айырма өтө чоң. Муниципалдык ишкананын негизги максаты – акылга сыярлык баада жогорку сапаттагы кызматтарды көрсөтүү. Бирок башка артыкчылыктар пайда болгон сайын бул максат улам эстен чыга берет. Муниципалдык ишканалар жергиликтүү өз алдынча башкарууда же мамлекеттик башкаруу органдарында иштеген таасирдүү адамдардын көрсөтмөсү менен жумушка туугандарды жана тааныштарды ала турганы жашыруун эмес; мунун баары коррупциянын жогорку тобокелдигине, натыйжанын жоктугуна жана кесиптик шалаакылыкка алып келет.

[1] А. Чекиров. Бийликтин коммерциялашуусу – жергиликтүү өз алдынча башкарууда коркунучтуу бурулуш // http://municipalitet.kg/ru/article/full/1335.html

Кийинки жүйө – коммерциялык кызмат көрсөтүүлөр аркылуу айыл өкмөтү жеке сектор жасабаган же өтө кымбат болгон кызмат көрсөтүүлөргө болгон жарандардын суроо-талаптарын канааттандырат. ЖӨБ органдары айыл чарба техникасын активдүү түрдө сатып ала баштаган акыркы эки жылдан бери өтө мүнөздүү жана популярдуу болгон кийинки мисал буга жооп боло алат. Айыл өкмөтү 400 миң сомго эски эки комбайн сатып алып, эки жылдан кийин алар иштебей калган; жарандар комбайнердин арзан кызмат көрсөтүүлөрүнөн 120 миң сом үнөмдөп калды; жеке комбайнер чыгашага учурады. Ким утту? Эч ким. Баары утулду, ал эми финансы жагынан баарынан да жергиликтүү бюджет жапа чекти. Жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү жөнүндө жүйө эч суу кечпейт, себеби жогоруда айтылгандай, ЖӨБ органдарынын мындай коммерциялык демилгелери атаандаштыкты өлтүрүп, чакан бизнести муунтат.

Ошентип, ЖӨБ органдарынын бизнесинин реалдуу кесепеттери төмөнкүдөй болот:

- атаандаштык чөйрөсү талкаланууда, себеби жеке бизнести өнүктүрүүгө көмөктөшкөндүн ордуна ЖӨБ органдары өнүгүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жок кылууда;
- жергиликтүү бюджеттердин каражаттары натыйжасыз сарпталууда, себеби мындай ишканаларда башкаруунун квалификациясы төмөн, уурулуктун жана коррупциянын деңгээли жогору, ишканалар узакка иштеп кете албайт, банкрот болот же менчиктештирилет;
- ЖӨБ органдарынын өз функцияларын атка-

*Сүрөт open.kg сайтынан алынды*



руу сапаты төмөндөйт, себеби алар өздөрүнө мүнөздүү болбогон иштерди аткарууга кеткен финансылык жана адам ресурстарын алагды кылат;

- теңсиздик жана коррупциянын деңгээли өсөт, себеби ЖӨБ органдарынын жетекчилери бул ишканаларды жеке максаттары үчүн пайдаланышат;
- жарандардын жалпысынан башкаруу системасына болгон ишеним деңгээли түшөт, себеби пайда табууга багытталган мындай ишканалардын коммерциялык мүнөзү жарандарды бардык бийлик системасына карата пикирин өзгөртүүгө түртөт: жарандар бийлик жеке пайда табуу максатында гана иш алып барат деп ойлоно башташат.

## Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына карама-каршылык

Жогоруда айтылган кесепеттердин баары логика чөйрөсүнө, экономикалык мыйзамдарга жана башкаруу тажрыйбасына тиешелүү болот. Бирок алардан тышкары да колдонуудагы мыйзамдар менен тикелей карама-каршылык да бар.

КР Конституциясынын 110-беренесинде айтылгандай, жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүү мүмкүнчүлүгү. КР Конституциясынын 5-беренесине ылайык, мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары Конституцияда жана мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктардын алкагынан чыга алышпайт. “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” КР Мыйзамынын 2-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн зарыл болгон муниципалдык менчикти өз каалоосу боюнча сатып алат, ээлик кылат, пайдаланат жана тескей алышат. Жогоруда айтылган коммерциялык ишмердүүлүктүн чөйрөлөрү жергиликтүү маанидеги маселелер жана ЖӨБ органдарынын өз функциялары болуп саналбайт.

Ошондой эле ЖӨБ органдары мекеме формасында коммерциялык эмес уюмдар түрүндө юридикалык жак катары катталган. Менчик ээси тарабынан башкаруучу, социалдык-маданий же коммерциялык эмес башка функцияларды ишке ашыруу үчүн түзүлгөн жана ал тарабынан толук же жарым-жартылай каржылануучу мамлекеттик же башка уюм мекеме катары таанылат (КР Граждандык кодексинин 164-беренеси). КР Граждандык кодексинин 85-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, коммерциялык эмес уюмдар өздөрүнүн уставындагы максаттарга зарыл болгон өлчөмдө, б.а., аларга жүктөлгөн функцияларды аткаруу үчүн гана ишкердик кыла алат.

Граждандык кодекстин 84-беренесинин 1-бөлүгү муниципалдык жана мамлекеттик ишканалардын укук жөндөмдүүлүктөрү чектелүү болгонун так көрсөтүп турат. Алар башка коммерциялык уюмдардан айырмаланып, иш жүргүзүүнүн мыйзамда тыюу салынбаган ар кандай түрүн ишке ашырууга зарыл болгон жарандык укуктарга жана милдеттерге ээ эмес.

Ошентип, жогоруда айтылгандай, ЖӨБ органдарынын укук жөндөмдүүлүгү Конституция жана мыйзамдар менен аныкталган ыйгарым укуктар менен чектелген. Мунун натыйжасында ЖӨБ органдары өз милдеттерине кирген кызматтарды гана көрсөтүү үчүн муниципалдык ишканаларды түзүүгө укуктуу. Муниципалдык ишканалардын укук жөндөмдүүлүгү ЖӨБ органдарынын компетенциясынын чектери менен аныкталат жана аларга карата экинчи кезекте болуп саналат. Муниципалдык ишканалар ЖӨБ органдарынын функциясынын чегинде түзүлө албайт жана өз ишин жүргүзө албайт. Башкача айтканда, негиздөөчү катары ЖӨБ органдары муниципалдык ишканаларга өз функциясынын чегинен чыккан ишмердикти жүзөгө ашырууга укук бере албайт. ЖӨБ органдары башкаруу органы катары рынокту өнүктүрүү үчүн шарттарды түзөт жана ЖӨБ органдарынын милдети болуп саналган кызмат көрсөтүүлөрдү кошпогондо, рыноктун тикелей катышуучусу боло албайт.

Узак убакыттан бери эксперттер жана эл аралык уюмдар ЖӨБ органдарынын бизнес менен алектенүү мүмкүнчүлүктөрүн негиздеп берүүгө аракет кылып келишти. Бир пикирге келүү үчүн жогоруда келтирилген мыйзамдарга шилтемелер жетишсиз болду.

Ошону менен бирге ЖӨБдүн бизнес жүргүзүүсүн “коргогондор” “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамдын 18-беренесинин 1-пунктун негизги жүйө катары бетке кармап келишти. Ага ылайык, жергиликтүү маанидеги маселелерге “тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүшүн камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу” кирет. “Аймактын экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу” деген сөз айкашы айрым эксперттерге мыйзамдын бул пункту ЖӨБ органдарына бизнес менен алектенүүгө уруксат берет деп ырастоого жол ачты. Жумшак айтканда, бул мыйзамдарды туура эмес түшүнүү жана чечмелөө ал жүйөгө карама-каршы келет. “Камсыз кылуу” деген сөздү экономика чөйрөсүндө бийлик органына карата колдонуу тапшырманы аткаруу үчүн – биз сөз кылып жаткан учурда аймактын экономикалык өнүгүү тапшырмаларын аткаруу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүү дегенди билдирет. Бул экономикалык ишке тикелей катышуу жана рынок экономикасына кийлигишүү дегенди билдирбейт. Башка бир маселе – жергиликтүү өз алдынча башкаруу экономикалык өнүгүү үчүн кандай шарттарды жана конкреттүү түрдө кантип түзүп бериши керектигин мыйзам чыгаруучу көрсөткөн эмес. Экономикалык өнүгүүдө ЖӨБ органдарынын ролун дагы да так аныктоо – бул жакынкы келечекте жасалчу иштердин бири. Ошону

## Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн жана ЖӨБ органдарынын өз функциясын аткаруу үчүн арналбаган ЖӨБ органдарынын мүлкүнө карата чечим кабыл алуунун алгоритми жана бул мүлктү тескөө ыкмаларынын мисалдары[1]

| Мүлк-түн түрү | Мүлктүн багыты, иш жүзүндө кантип колдонулуп жатат? | Мүлктүн функциялары ЖӨБ органдарынын милдеттерине киреби? | Мүлк ЖӨБдүн өз милдеттерин аткаруусу үчүн гана колдонулса, анда ал рентабелдүү болушу ыктымалбы (өзүн жана амортизациялык чегерүүлөрдү актайбы)? | Мүлктү ЖӨБдүн милдет-терине жараша өзгөртүү | Финансылык сценарийлер[1] | Чечим |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ком-байн | Эгин жыйноо | Жок | Колдонууга болбойт (эгерде буга чейинки суроого жооп “жок” болсо, анда бул сапта дайыма “колдонууга болбойт” деген жооп турат | Жок | Сатуу – чыгым 100 миң сом<br><br>Иштетпей калтырып коюу – чыгым 400 миң сом<br><br>Ижарага берүү – чыгым 200 миң сом | Сатуу |
| Ресто-рандын имара-ты | Жеке жана үй-бүлөлүк тойлорду өткөрүү | Жок | Колдонууга болбойт | Ооба, клуб кылып өзгөртсө болот | Клубга айландыруу – бюджеттин чыгымы 500 миң сом<br><br>Сатуу – чыгым 200 миң сом болот | Сатуу туура чечим болчудай. Бирок жергиликтүү жамаат клубга муктаж болсо жана ЖӨБ органынан клуб ачып берүүнү талап кылып жатса, ресторанды клубга айландырууга болот. |
| Чирке-гичи бар трактор | Жарандар үчүн жүк ташуу, короолордо чарба иштерин аткаруу | Ооба, сөз коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр тууралуу жүрүп жатса | Жок, калкка акыга кызмат көрсөтүүнү уюштуруу зарыл (жарым-жартылай ижарага берүү) | Талап кылынбайт | ЖӨБдүн менчигинде калат – күтүүгө кеткен чыгаша жарым-жартылай ижарага берүүдөн түшкөн киреше менен жабылат.<br><br>Сатуу – амортизациялык эмес баасынын ордун толуктоо | ЖӨБ органдын менчигинде кала берет, бирок жергиликтүү маанидеги маселени чечүүдө колдонулат. Жарандарга кызмат көрсөтүүдө жарым-жартылай ижарага берилет. |
| Наабай-кана | Нан жана кондитердик азыктардын өндүрүшү | Жок, бирок арзан нанга муктаждар бар, жергиликтүү кеңештин чечими менен аларга тамак-аштан жардам көрсөтүлүш керек. Ошондой эле мектептер да арзан баада нанга муктаж | Колдонууга болбойт | Жок | Сатуу – наабайкананы ачууга кеткен чыгымды толуктоо<br><br>Ижарага берүү – амортизацияны, соңунда чыгымдын ордун толуктаган чакан киреше<br><br>Иштетпей калтырып коюу – жабдуулар эскирип, аны кайтарууга чыгымдар кетет. | Атаандаштыктын негизинде сатуу (менчиктештирүү). Колу жукалардын жана мектептердин арзан нанга муктаждыгын канааттандыруу үчүн аутсорсинг колдонулат: колу жукалар үчүн арзан баа боюнча нан алууга талондор, мектептердин ашканалары үчүн нанды жеке бизнестен алуу үчүн мамлекеттик сатып алуулар же мектептерге нан бышыруучу жабдуу сатып берүү |

[1] Бул таблицада шарттуу, схемалык финансылык сценарийлер келтирилди. Ар бир конкреттүү учурда реалдуу көрсөткүчтөрдү – чыгымдардын баасын, рынок шарттарын, башка жеткирип берүүчүлөрдү ж.б. колдонуп, так эсептерди жүргүзүш керек

менен бирге дүйнөлүк практика жалпысынан ЖӨБ органдарынын жергиликтүү экономикалык өнүгүүгө таасир этүү милдеттерин жана мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүүдө – жерлерди жана ресурстарды ачык-айкын башкаруу, өз ыйгарым укуктарынын чегинде салык чөйрөсүн жөнгө салуу, инвесторлор жана жаңы ишкерлер үчүн жеңилдетилген шарттарды түзүү ж.б. Бирок бизнести өз алдынча жүргүзүү жөнүндө сөз да жок! Ошондуктан мыйзамдын бул пунктунун тегерегиндеги талкуулар жасалма мүнөзгө ээ жана эки себептен улам пайда болушу ыктымал: же мамлекеттик жана жалпысынан муниципалдык башкаруу маселелериндеги компетенттүүлүктүн жоктугунан улам; же болбосо мыйзамдын так эместигинен пайдаланып, өзүнүн жеке кызыкчылыктарын чечип алууга умтулгандыктан улам.

Ошондой эле ЖӨБдүн ишкерчилик ролун жактагандар Граждандык кодекске шилтеме жасашууда. Кодекс ЖӨБ органдарына коммерциялык уюм болгон муниципалдык ишкана формасында юридикалык жакты түзүүгө уруксат берет (87, 227, жана 230-беренелер).

Бирок Кыргыз Республикасынын Президенти 2018-жылдын 27-январында «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Мыйзамга кол коюп, бул талаш-тартыштарга чекит койду. Мыйзамда 62-берененин редакциясы өзгөртүлдү, ал ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелерден тышкары коммерциялык иш менен алектенүүгө укугу барбы деген суроого так жооп берет. Айталы, 62-берененин 3-пунктуна (“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык ишканаларды жана коммерциялык эмес уюмдарды түзүүгө, ошондой эле акционердик коомдорго катышууга укуктары”) ылайык, “жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзүнүн милдеттерине кирген кызматтарды көрсөтүү үчүн муниципалдык ишканаларды жана коммерциялык эмес уюмдарды түзөт”.

### Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн позициясына карама-каршылык

Соңку эки-үч жылдан бери КР Өкмөтүнүн облустардагы Ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрү жана жергиликтүү мамлекеттик администрация башчылары машина-трактор станцияларын (МТС) ачууга мажбурлап жатышканы тууралуу ЖӨБ органдарынын жетекчилеринен кабарлар түшүүдө. Мамлекеттик бийлик органдары КР Өкмөтүнүн чечимине шилтеме жасап жатканы белгилүү болду. Аталган мамлекеттик органдар менен кеңешмелерде МТС түзгөндөн тышкары, ЖӨБ органдарынын ишмилдеттеринин алкагынан чыккан кандайдыр бир коммерциялык муниципалдык ишканаларды түзгөн ЖӨБ органдарынын жетекчилери мактоо угуп, шыктандырылып жаткан имиш. Ал эми муну жасай албаган же жасагысы келбеген жетекчилерге жаза-чара колдонулуп жатканы айтылды. Бирок чындыгында ушундай болуп жатабы же жокпу – анык маалыматтар жок. Бирок кандай болгон күндө да бул маселе боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн позициясын жеткирип коюуну туура көрдүк.

Бул позиция Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 17-мартындагы №107-р Тескемесинде ачык көрсөтүлгөн. Анда “элеттик товар өндүрүүчүлөргө өз убагында жана сапаттуу механизацияланган кызматтарды көрсөтүү, лизингди өнүктүрүү, агрардык тармакты жаңылоо жана техникалык жактан модернизациялоо максатында” ЖӨБ органдарына муниципалдык менчиктеги объекттерди ижарага берүү же сатуу, зарыл инфраструктураны колдоо жолу менен бул процесске көмөк көрсөтүү сунушталган.

Өкмөттүн бардык тескемелеринде коммерциялык муниципалдык ишканаларды түзүү жөнүндө бир да сөз жок! Мындай болушу да мүмкүн эмес, себеби бул мыйзамсыз, логикага сыйбаган жана зыяндуу практика! Жер-жерлерде бул тескемени башкача чечмелеп, кеңейтиши ыктымал болсо, анда бул башка маселе. Бирок бул үчүн бардык жоопкерчилик ЖӨБ башчыларына жүктөлгөн, алар өздөрү тескемелерди жана мыйзамдарды окуп чыгып, аларды сакташы керек. МТСти, ресторанды же тигүүчү цехти ачуу тууралуу чечим эмнеге негизделгенин прокуратура органдарына түшүндүрүү кыйын болот.

### Донорлордун, өнүгүү боюнча эл аралык өнөтөштөрдүн жана алардын долбоорлорунун назарына! Консультанттардын жоопкерчилик прицниптерине карама-каршылык

Консультанттардын өз кардарлары алдындагы эл аралык коомчулук тарабынан таанылган, жазылган жана жазылбаган жоопкерчилик принциптери бар. Жоопту консультанттардын маанилүү принциптеринин бири – кардарга зыян тийгизиши мүмкүн болгон кеп-кеңештерди бербөө. Тилекке каршы, күнүмдүк ишинде долбоорлор дайыма эле бул принципти сактай бербейт. Себеби долбоордун максаттары жана милдеттери артыкчылыктуу болуп, принциптер экинчи планга жылып калат. Кээде долбоорлор билбестиктен же купуя максаттарынан улам коммерциялык ишкананы ачууга жардам берүүнү талап кылган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетегинде калышат. Мисалы, айыл өкмөт башчы калкка комбайн же башка айыл чарба техникасы өтө зарыл деп долбоорду ынандырат. Долбоор мындай техниканы сатып алууга макул болуп, өз чечимин жамааттын керектөөсү менен негиздейт. Ошону менен бирге долбоор да, ЖӨБ органы да көп өтпөй пайда болушу ыктымал жогоруда сүрөттөлгөн кесепеттерге маани бербей калат. ЖӨБ органынын жетекчисине карата мындай позиция түшүнүктүү – алардын айрымдары кызматта турган учурда же атүгүл алдыдагы отчеттук мезгилдеги кызыкчылыктарын гана ойлошот. Бирок эл аралык долбоорлор үчүн мындай чечимдерди кабыл алууга уруксат бе-

рилбейт, себеби алар көптөгөн объективдүү принциптерге жана жогоруда сүрөттөлгөн факторлорго карама-каршы келет.

Ушундан улам суроо жаралат: эгерде мындай жардам көрсөтүлүп калса, анда мындан ары эмне кылыш керек? Эгерде ЖӨБ органы донорлордон жана алардын долбоорлорунан өз милдеттеринин чегинде колдонулбай турган жана колдонулбашы керек болгон мүлктү алып койсо эмне кылыш керек?

### Мыйзамсыз ачылган ишканаларды жана ЖӨБ органдарынын милдеттеринин чегинде мыйзамдуу түрдө пайдаланууга болбой турган мүлктү эмне кылыш керек?

Кайрылуунун авторлору Кыргыз Республикасынын аймагындагы дээрлик бардык ЖӨБ органдары менен иштешип жүрүп, мыйзамсыз коммерциялык ишканаларды түзүү жана ЖӨБ органдары өз милдеттеринин чегинде колдонууга укугу болбогон мүлктү сатып алуу көрүнүшү кеңири жайылганын билишет. Ошондой эле прогрессивдүү жана жоопкерчиликтүү ЖӨБ органдары кырдаалды кантип жөнгө салып, санкциялардан жана куугунтуктан кантип оолак болуш керек деген суроолорду өздөрүнө узатып келишкенин да билишет. Буга жооп катары уюмдардын адистери – бул кайрылуунун авторлору мүлктүн тигил же бул түрүнө карата чечим кабыл алуунун алгоритмин, сунуштамаларды иштеп чыгышты. Ар бир конкреттүү учурду карап чыгуу үчүн бир катар суроолорго ырааттуу жооп берип, зарыл болгон, мыйзамдуу жана ыктымал чечим тууралуу логикалык тыянакка келиш керек. Төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөндөй, мүмкүн болсо мүлктүн түрүнө жараша аракеттениш керек.

Мисалы, айыл өкмөтүнүн менчигинде эгинди оруп-жыйноочу комбайн бар дейли. Суроо бериш керек: бул комбайн кандай функцияларды аткарат? Жооп – дан өсүмдүктөрүн жыйнайт. Кийинки суроо: бул иш жергиликтүү өз алдынча башкаруунун функциясына киреби? Жооп: Кирбейт. Суроо: бул мүлктү жергиликтүү маанидеги кандайдыр бир маселени чечүү үчүн колдонууга болобу? Жооп: болбойт. Суроо: Бул мүлктү эми эмне кылыш керек? Сатыш керекпи? Ижарага бериш керекпи? Эч колдонбой таштап салыш керекпи? Иш-аракеттердин вариантын тандап алуу үчүн финансылык сценарийлерди карап чыгып, эсептеп, чечим кабыл алуу зарыл. Комбайнге карата айта турган болсок, эң туура чечим – аны сатыш керек. Мындай жол менен мүлктүн ар бир бирдигин карап чыгуу зарыл, бирок мүлктүк комплекстерди чогуу караса да болот. Төмөндөгү таблицада Кыргызстанда эң кеңири жайылган мисалдар келтирилген. Көпчүлүк учурларда ЖӨБ органы зыянга учурай турганын түшүнүү зарыл. Бул бизнести ачуу жөнүндө башында кабыл алынган туура эмес чечимдин кесепети болуп саналат. Бирок жергиликтүү жамаат жана жергиликтүү бюджет үчүн да, ЖӨБ органдарынын жетекчилери үчүн да пайда болчу башка кесепеттерге салыштырмалуу, мындай чыгымдар – эң жеңил жол. Ал эми донордук жардам берген долбоорлор мындай чечимдер жергиликтүү бюджет үчүн терс финансылык кесепеттерди жарата турганын эстен чыгарбашы керек.

Финансылык сценарийди эсептеп чыгуу үчүн финансисттердин жана көрсөтүлгөн чөйрөнү жакшы билген эксперттердин аракеттери жана билими талап кылынат.

### Корутунду

Сөз соңунда кайрылуунун авторлору төмөнкүлөргө үндөйт:

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтү** ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүсүнө байланышпаган коммерциялык ишмердүүлүгүнө карата дагы бир жолу өз позициясын так билдириши керек жана өз саясатын бул позицияга ылайык жүргүзүшү керек;

**жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары** өзүнүн милдеттерине кирген кызмат көрсөтүүлөргө байланышпаган ишкердик ишинин мыйзамсыз жана зыяндуу практикасын токтотушу керек жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн алкагында колдонууга мүмкүн болбогон жана жергиликтүү бюджеттен жүйөсүз чыгашаны талап кылган мүлккө карата туура чечим кабыл алууга тийиш;

**прокуратура органдары** муниципалдык ишканаларды түзүүдө ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарын так аныктаган мыйзамдын күчүнө киргенине көңүл бурушу керек (2018-жылдын 27-январындагы редакциядагы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамдын 62-беренесинин 3-пункту);

**эл аралык жана эксперттик жамаат** терс укуктук жана финансылык кесепеттерди жарата турган мыйзамсыз жана натыйжасыз коммерциялык кызмат көрсөтүүлөргө жана коммерциялык өндүрүшкө багытталган консультацияларды, техникалык жана финансылык жардамдарды ЖӨБ органдарына берген учурларды болтурбашы керек; жетишкендиктери тууралуу гана эмес, каталары жөнүндө да маалыматты жайылтуу менен, өз ара маалымат алмашууну жакшыртышы зарыл; долбоорлордун дизайнын иштеп чыгуу баскычында, ошондой эле аларды аткаруунун жүрүшүндө, өзгөчө техникалык жардам берүү бөлүгүндө төмөнкүлөр менен консультацияларды жүргүзүшү керек:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн позициясын жана керектөөлөрүн тактоо үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик менен;
- жамааттардын керектөөлөрүн жана мыйзамдардын талаптарын тактап алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу менен.

**USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоору тарабынан даярдалды[1]**

[1] Бул макала Америка Кошмо Штаттарынын эл аралык өнүктүрүү агентствосу (USAID) аркылуу Америка элинин жардамы менен ишке ашырылды. Макаланын мазмуну үчүн USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” долбоору жооптуу жана ал USAID же Америка Кошмо Штаттарынын өкмөтүнүн көз карашын сөзсүз түрдө чагылдыруусу шарт эмес.

# Муниципалитеттер тургундар менен байланыш түзүү үчүн жаңы технологияларды киргизүүдө



## Кириш сөз

Аймактарды башкаруу калктын бардык топторунун муктаждыктарын эсепке алуу дегенди билдирет. Бул топко аялдар, жаштар жана азчылыктардын өкүлдөрү кирет. Калкты өз убагында маалымдоо, активдүү ишке тартуу жана кайтарым байланыш түзүү айыл өкмөтүнө жалпы калктын кызыкчылыгы үчүн пайдалуу чечимдерди кабыл алууга жардам берет. USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” долбоорунун изилдөөсү боюнча, пилоттук айыл өкмөттөрдө респонденттердин 61% аймактагы окуялар тууралуу жаңылыкты айыл өкмөттөгү маалымат такталары аркылуу алышат. Демек тургундар аймагында болуп жаткан бардык өзгөрүүлөрдү билиши үчүн айыл өкмөтүнө көп катташы керек. Айрым айылдык аймактар, мисалы, Жалал-Абад облусундагы Курманбек айылдык аймагы сегиз айылдан туруп, эң четтегиси район борборунан 40 км аралыкта орун алган. Мындай шарттарда тургундар өтө эле олуттуу себеп болбосо айыл өкмөтүнө такыр барышпайт. Бул болсо алардын маалымат алуу жана өз аймагынын турмушуна жигердүү тартылуу мүмкүнчүлүктөрүн чектеп жатат.

Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы Теплоключенка айыл өкмөтүндө да ушул өңдүү көйгөй бар. Бардык эле айыл өкмөттөрүндөй, Теплоключенка калкты маалымат такталары аркылуу кабардар кылуу практикасын колдонот. Айылдык аймакта 13 349 киши жашайт жана өзүнө эки калктуу конушту камтыйт – Теплоключенка жана Лесное. Бул болсо өз ишмердиги тууралуу маалыматты өз убагында жайылтып, кайтарым байланыш алуу ишин татаалдаштырды. Айыл өкмөтү калкка көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын жакшыртуунун үстүнөн жигердүү иштеп жатат. Мисалы, 2017-жылы USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” долбоорунун алкагында бодо малды купкага салуу боюнча артыкчылыктуу кызмат көрсөтүү башталган. Ошондой эле айыл өкмөтү бюджетти пландоо жана башка

маанилүү маселелер боюнча коомдук угууларды өткөрүп турат. Айыл өкмөттүн кызматкерлери өздөрү белгилегендей, адатта алардын ишин калк байкабай калат. Мунун натыйжасында аларга карата кандайдыр бир ишенбестик жаралууда. USAIDдин долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн Теплоключенка айыл өкмөтүнүн кызмат көрсөтүүлөрүнө жарандардын канааттануу деңгээли жана эффективдүүлүгү боюнча ишти баалоонун жыйынтыктары муну тастыктап турат. 1-сүрөттө көрүнүп тургандай, айыл өкмөтү эффективдүүлүк боюнча оң жыйынтыктарды көрсөткөн. Бирок жарандардын кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына канааттануусу боюнча көрсөткүчтөр төмөн.

Калк менен айыл өкмөтүнүн ортосунда туруктуу байланыштын жоктугу органдын өзүнүн иш эффективдүүлүгүнүн начарлашына алып барат. Себеби кабары жок калк жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуу процессине ойдогудай тартыла албай калат. Натыйжада Теплоключенка айыл өкмөтү калк менен байланыш түзүү боюнча эффективдүү механизмди киргизүү зарыл деген тыянакка келди.

***1-сүрөт. Теплоключенка айыл өкмөтүнүн ишин баалоо***




## WhatsApp аркылуу кайтарым байланыш түзүүнүн мобилдик механизми

Жарандар өздөрүнүн жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун ишин кандай кабыл алганы менен практикада ЖӨБ органдары жасаган иштин ортосундагы ажырымды кыскартуу – USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоорунун негизги максаттарынын бири. Теплоключенка айыл өкмөтү болсо маалымдуулукту жана калктын алардын ишине болгон ишеним деңгээлин жогорулатууга умтулат. Ошондуктан айыл өкмөтү менен Долбоордун максаты бири-бирине төп келди. 2017-жылдын сентябрь айында долбоор кайтарым байланыштын инновациялык механизмин жайылта баштады. Бул үчүн *WhatsApp* тиркемеси аркылуу текст, графика, аудио жана видео билдирүүлөрдү ыкчам таратууга киришти.

*WhatsApp* – жеңил, жеткиликтүү жана Кыргызстан калкы арасында колдонууга оңой болгон мобилдик тиркеме. Кыргыз Республикасында медиа сабаттуулуктун деңгээлин изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча шаар калкынын 79,8% жана элеттиктердин 63,1% *WhatsApp* колдонот. Ошондуктан мындай механизм элеттиктер менен байланышты жөнгө салууга көмөктөшө алат. Коммуникациянын заманбап технологияларын жайылтуу аркылуу жарандар өз убагында, айыл өкмөтүнө барууга убакыт жана акча коротпостон эле төмөнкүлөрдү биле алышат:

- жаңылыктарды жана айыл өкмөтүнүн алдыда болчу иш-чаралары тууралуу биле алышат;
- айыл өкмөтүнүн кызматкерлерине суроо уzата алышат;
- онлайн сурамжылоого катышып, айыл өкмөтүнүн иши боюнча өз пикирин билдиришет;
- онлайн сурамжылоо аркылуу жергиликтүү деңгээлде көрсөтүлгөн кызматтын сапатын баалай алышат;
- жергиликтүү кызмат көрсөтүүдө кандайдыр бир кемчиликтер болсо, аудио, видео же сүрөт жибере алышат.

Ошентип, бул механизм менен калк бир нече мүмкүнчүлүккө ээ болот: айыл өкмөттүн ишинин ачык-айкындуулугуна көз салып турат, маалымат алып турат жана айыл өкмөтү өз милдеттемелерин кантип аткарып жатканына коомдук көзөмөлдү орнотот.

**Кыргызстан калкынын арасында кеңири жайылганы, жеткиликтүү болгону жана тиркеменин мүмкүнчүлүктөрү WhatsApp тиркемесинин уникалдуулугун түзөт.**

Айыл өкмөтү үчүн кайтарым байланыш механизмин киргизүү төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөрдү берет:

- алдыда болчу коомдук угуулар жана башка чогулуштар тууралуу жарандарга өз убагында кабар берүүгө;
- жергиликтүү деңгээлдеги салык ставкаларына жана жөлөкпулдардын башка түрлөрүнө тиешелүү өзгөрүүлөр тууралуу жарандарды кабардар кылууга;
- чукул окуялар жана аларга реакция жасоо усулдары тууралуу ошол замат кабарлоого;
- кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты тууралуу калк арасында сурамжылоо жүргүзүүгө;
- кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу тууралуу калктын пикирин жана сунуштарын чогултууга.

Ошентип, механизм жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен аймактын жашоочулары ортосундагы өз ара байланыштын эффективдүүлүгүн жогорулатууга жардам берет.

### Механизмдин иштеши

Ар бир тургун механизмди колдонуу үчүн мобилдик телефонуна *WhatsApp* тиркемесин орнотуп алышы керек. Андан кийин айыл өкмөттүн телефон номерин сактап, бул номерге *WhatsApp* аркылуу билдирүү жөнөтөт. Мисалы, Теплоключенка айыл өкмөтүнүн жашоочулары “Аймак” деген код сөздү жазып, фамилиясын жана атын кошуп билдирүү жибериши керек. Айыл өкмөттүн адиси бул жашоочунун аты-жөнүн телефондогу даректер журналына кошуп коет. Ошондой эле бул билдирүүдө айыл өкмөтүнө кайрылуунун себебин да көрсөтсө болот.

*WhatsApp* аркылуу алынган бардык суроолор, ой-пикирлер жана сунуштамалар:

1) айыл өкмөттүн даттануулар жана сунуштар китебине киргизилиши керек;

2) айыл өкмөттүн адистери дыкаат текшерип чыгышы керек;

3) ар бир кайрылууну жекече карап чыгууга тийиш;

4) айыл өкмөтү ыйгарым укуктарынын чегинде тиешелүү чечимдерди сунуштайт.

**Бул маанилүү: суроолорго жооптор жана сунуштар жеке мүнөздө, суроо-талап жиберген жашоочу менен жекече жазышууда берилиши керек.**

### Кайтарым байланышты түзүү боюнча мобилдик механизмди жайылтуунун этаптары

Теплоключенка айыл өкмөтүнүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, кайтарым байланыш механизми ийгиликтүү болушу үчүн бир нече маанилүү этаптарды басып өтүш керек.

**Регламент шарттарды аныктайт, аларды аткарганда *WhatsApp* жергиликтүү калк менен өз ара аракеттенүү боюнча кайтарым байланышты алуунун кошумча булагы болуп таанылат.**

### Даярдык көрүү

Адегенде айыл өкмөтү аймактын чегинде механизмдин иш-аракетинин регламентин бекитүү, механизмди ишке берүүнүн себептери жана максаттары жөнүндө токтомду даярдайт. Регламент субъекттерди, алардын укуктары менен милдеттерин, кайрылууларды алуу жана берүү ыкмалары, айыл өкмөтү тарабынан жооп кайтаруунун мөөнөттөрү жана тартиби, *WhatsApp* аркылуу кайтарым байланыш түзүү боюнча мобилдик механизмди ишке берүүнүн тартибин сүрөттөйт. Бекитилген регламентке ылайык, айыл өкмөтү механизмди ишке берүү жана аны иштетүү боюнча демилгелүү топ түзөт. Демилгелүү топко бардык кызыкдар адамдар кире алышат. Мисалы, жамааттын жигердүү мүчөлөрү, бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү, жергиликтүү кеңеш жана айыл өкмөтү.

### Киргизүү

Кайтарым байланыш механизмин ишке берүү техникалык базаны даярдоодон башталат. Бул үчүн мобилдик номер жана *WhatsApp* тиркемесин орнотууга мүмкүнчүлүк берген телефон болушу керек. Ошондой эле маалыматты жайылтуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн компьютер болууга тийиш.

Андан кийин демилгелүү топ айыл өкмөтү менен биргеликте тургундар үчүн механизмди колдонуу тууралуу эскерткичти иштеп чыгат. Анда айыл өкмөтүнө *WhatsApp* аркылуу кайрылуу боюнча колдонмо жана айыл өкмөтү тарабынан арызды кароо тартиби көрсөтүлөт. Бул эскерткич жашоочулар арасында коммуникациянын бар болгон каналдары аркылуу таратылат же айыл өкмөтүнүн жашоочусу *WhatsApp* аркылуу биринчи жолу кайрылганда берилет.

### Иш аракеттер

*WhatsApp* тиркемесин коммуникация үчүн каражат катары колдонуу тууралуу сөз болгондо көптөр бир нече катышуучу менен бир топ чатты элестетишет. Адатта мындай чатта колдонуучулар бири-бири менен ар кандай маалыматтарды бөлүшүп турат. Бул жерде айрым бир коркунучтар бар. Себеби топтун ар бир катышуучусу кандай мүнөздөгү билдирүүнү жиберип жатканын көзөмөлдөө кыйын.

Мындай тобокелдиктерди болтурбоо жана Теплоключенка айыл өкмөтүнүн ар бир тургунуна жекече мамиле жасоо үчүн *WhatsApp* аркылуу калкты маалымдоо үчүн жөнөтмөлөрдүн тизмеси колдонулат. Жаңы жашоочудан суроо-талап түшкөндө механизмдин иштеши үчүн жооптуу адис байланыш маалыматтарын телефондун дарек китебине сактайт, андан соң аны тизмеге кошот. Бул тизмеге кирген ар бир жашоочу айыл өкмөттөн жеке билдирүү алат жана ушул эле жол менен алынган маалыматка жооп кайтара алат. Ошентип айыл өкмөтү ишенимсиз маалыматтын жайылуусун болтурбайт.

Жөнөтмөлөрдүн тизмесинин жардамы менен айыл өкмөтү кулактандырууларды, кабарламаларды жана өз ишин баалоо үчүн онлайн сурамжылоого шилтемелерди жибере алат. Онлайн сурамжылоо Surveymonkey.com өңдүү акысыз онлайн ресурстарда даярдалат. Бул онлайн ресурс айыл өкмөтүнүн кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатына калктын ишеними жана канааттануусу тууралуу суроо-

лорду компьютерде даярдоого жол берет. *WhatsApp* тиркемесинин дагы бир өзгөчөлүгү – web.whatsapp.com сайты аркылуу компьютерден эле тиркемеге кошулса болот. *WhatsApp* тиркемесинин мындай версиясынын жардамы менен компьютерден эле анкетаны жиберип койсо болот.

**Компьютер үчүн *WhatsApp* – бул web.whatsapp.com сайты аркылуу компьютерден телефонго бардык билдирүүлөрдү синхронизациялап, чагылдырууга жол ачкан тейлеме.**

### Ийгиликтин факторлору

Кайтарым байланыш механизмин жайылтуунун жана иштетүүнүн ийгилиги бир нече факторлордон көз каранды болот:

- айыл өкмөтүндө механизмди жайылтып, бул багытта иштей ала турган адис болуш керек;
- интернетке кошулган компьютер жана мобилдик телефон болуш керек;
- механизм ишке берилгени тууралуу калк арасында маалыматты этап-этабы менен жайылтуу үчүн маалымат өнөктүгү өткөрүлүүгө тийиш.

Механизм эффективдүү иштеп, пайда алып келиши үчүн айыл өкмөтү жогоруда аталган ресурстарды берүүгө даяр болушу керек.

Ошондой эле айыл өкмөтү көбүрөөк жашоочулар механизмге кошула алышы үчүн коммуникациянын бар болгон каналдарын колдонуу менен калк арасында тааныштыруу иштерин жүргүзүшү керек. Бул тааныштыруу өнөктүгү этап-этабы менен жүрүүгө тийиш. Ошондо гана айыл өкмөтү жашоочулардын суроо-талаптарын иш режиминде даректей алат.

USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” долбоорунун колдоосу менен Теплоключенка айыл өкмөтү өз аймагында ушундай маалымат өнөктүгүн өткөрдү. Механизм иштей баштаганы тууралуу калкты маалымдоо үчүн баннерлер даярдалып, коомдук жерлерге илинди, стикерлер жабыштырылып, айыл өкмөтүнүн *WhatsApp* тиркемесиндеги номери жөнүндө билдирүү жазылган калемдер, бул механизмди колдонууга нускамалар таратылды. “Теплоключенка айыл өкмөтү дайыма байланышта!” деген атайын ураан даярдалып, бардык промо-материалдарга кошулду. Бул материалдар калктын басымдуу бөлүгүн тартуу үчүн кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылды. Бул өнөктүктүн натыйжасында айыл өкмөтүнүн байланыштар тизмесине суроо-талаптар көбөйдү.

2017-жылдын ноябрь айынан тартып Теплоключенка айыл өкмөтүнүн демилгелүү тобу *WhatsApp* аркылуу кайтарым байланыш түзүү боюнча мобилдик механизмди жайылта баштады. Кыска мезгил аралыгында кайтарым байланыш механизмине 364 адам кошулду. Орточо эсеп менен аптасына 3-5 суроо-талап түшөт. Алар негизинен жер участогун алууга, балдардын жөлөкпулу тууралуу, суунун жоктугуна жана башка жергиликтүү маанидеги маселелерге тиешелүү. Айыл өкмөтү жашоочулардын кызмат көрсөтүүлөргө канааттануу деңгээли тууралуу калк арасында сыноо түрүндө эки сурамжылоо жүргүзүп, ага 25 адам катышты.

### Теплоключенка айыл өкмөтүнүн тажрыйбасын өлкө боюнча таратуу

Теплоключенка айыл өкмөтүнүн коммуникациянын заманбап технологияларын киргизүүдөгү ийгилиги бардык муниципалитеттер үчүн үлгү боло алат. Теплоключенканын ийгиликтүү тажрыйбасын жайылтуу максатында USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” долбоору Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын жана Ош облустарындагы пилоттук муниципалитеттер үчүн маалымат берүү сапарларын уюштурду.




***Аймактын жашоочулары механизм ишке берилгени тууралуу маалыматтык материалдарды алышты***




***Жаркын АМАНТУРОВА Нарын облусунун Кочкор районунда кесиптештерине өз тажрыйбасы жөнүндө айтып берүүдө***

Окутуучу семинарлар Теплоключенка айыл өкмөтүнүн өзүндө башталды. Бул семинарга Ысык-Көл облусундагы 11 пилоттук айыл өкмөттүн өкүлдөрү, тургундар, ЖӨБЭММАнын, КР ЖӨБ Союзунун жана USAIDдин өкүлдөрү катышты. Иш-чарага USAIDдин Кыргыз Республикасындагы миссиясынын директору Кимберли РОЗЕН катышты. Кимберли айым команданын ынтымагы жана өз ишинде инновациялык ыкмаларды киргизүү зарыл болгонуна ишеними абдан маанилүү болгонун белгиледи. Теплоключенка айыл өкмөтүнүн башчысы Талант КОБОНБАЕВ кайтарым байланыш механизми ачык жана айкын мамлекетке жетүү боюнча Өкмөттүн “Таза коом” программасынын максаттарын жана иш-чараларын толуктай турганын айтты. Иш-чаранын катышуучуларынын бири, айылдык кеңештин депутаты Сергей МИЩЕНКО аймактын өнүгүүсүндө айыл өкмөтүнө көрсөткөн колдоосу үчүн USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” долбооруна ыраазычылыгын билдирип. “Бул механизм аймактын жашоочуларына көйгөйлөр тууралуу айыл өкмөтүнө кабар берип, суроо узатып, кызыктырган маалыматты сурап алууга шарт түзөт. Бул жаңы мүмкүнчүлүк аймактын өнүгүүсү үчүн жаңы жолдорду ачат”, - деди депутат.

Ушундай эле семинарлар долбоордун калган пилоттук муниципалитеттеринде да өттү. Кайтарым байланыш механизминин иши үчүн жооптуу Жаркын АМАНТУРОВА Теплоключенка айыл өкмөтүнүн тажрыйбасы тууралуу 31 муниципалитеттин башчыларына, жооптуу катчыларына жана адистерине, ошондой эле жергиликтүү кеңештердин, бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүнө, журналисттерге жана аймактардын жигердүү жашоочуларына айтып берди. Бул жолугушууларга КР ЖӨБЭММАнын жана КР ЖӨБ Союзунун регионалдык өкүлдөрү катышты. Катышуучуларга механизмди ийгиликтүү ишке берүүнүн техникалык мүмкүнчүлүктөрү жана бул үчүн зарыл болгон ресурстар кызыктуу болду. Көп суроолор механизмдин иш регламентине жана жашоочулардын суроо-талаптарына өз убагында реакция жасоо ыкмаларына тиешелүү болду. Көрсө, айрым айыл өкмөттөрү жарандардын кайсы бир топтору менен маалымат алмашуу үчүн *WhatsApp* тиркемесин жарым-жартылай колдонуп жатышкан экен. Мисалы, Жалал-Абад облусундагы Ленин айыл өкмөтү аймактын кварталчылары менен чат ачыптыр. Айыл өкмөт башчысы ТОКТОМУНОВ Бактыбек белгилегендей, айыл өкмөтү *WhatsApp* тиркемесин колдонууну системага салып, кеңейтиши керек жана Теплоключенканын тажрыйбасы буга көмөкчү болот. 2018-жылдан тартып долбоордун пилоттук айыл өкмөттөрү *WhatsApp* тиркемесин колдонуу менен кайтарым байланыш механизмин жайылта башташат.

Муниципалитеттер коммуникациянын салттуу болуп калган каналдарын колдонууда өздөрүн чектебеши керек. Учурда байланыш түзүү үчүн көптөгөн жеткиликтүү каражаттар бар. Айыл өкмөтү жашоочулар менен байланыш түзүү үчүн аз акча жумшап, коммуникациянын ушундай заманбап каналдарын колдоно алышат. *WhatsApp* өңдүү байланыш каражаттары аркылуу туруктуу кабардар кылуу жашоочулардын өз аймагынын жашоосуна тартылуу деңгээлин жогорулатат. Жарандардан кайтарым байланыш алуу менен, айыл өкмөтү өз ишин алардын муктаждыктарына жана күтүүлөрүнө жараша ыңгайлаштыра алышат. Бул болсо дагы да эффективдүү кызмат көрсөтүп, жарандардын айыл өкмөтүнө болгон ишенимин арттырат. Жарандар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы ортосундагы ишенимдүү мамиле ачык-айкындуулукту камсыз кылат. Ал эми тургундар жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жигердүү катыша алышат. Бул болсо региондордун динамикалуу өнүгүүсүнө сөзсүз көмөктөшөт.

M




***USAIDдин Кыргыз Республикасындагы миссиясынын директору Кимберли РОЗЕН окуу семинарынын катышуучулары алдында сөз сүйлөөдө***



***Ош облусунун Ноокат районундагы муниципалитеттердин өкүлдөрү семинардан кийин***

# Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун дегээлинде бош убакытты өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурууга карата методикалык ыкмалар

**АЛМАКУЧУКОВ Кеңешбек**
э.и.д., доцент, Адам / БФЭА университети, Кыргыз Республикасы
keneshalma@mail.ru

*Макала айылдын / шаардын мазмундук ресурстарына (маданий коддоруна) негизделген методиканы жана алардын жергиликтүү жамааттар үчүн кызыктуу окуяларга жана иш-чараларга конвертацияланышын сүрөттөйт. Маданий кодду билүү маданий көрүнүштөрдүн (мазмундун, белгилердин, символдордун, нормалардын, тексттердин, жөрөлгөлөрдүн ж.б.) терең маңызын чечмелөөгө жардам берет. Бош убакытты уюштуруунун максаты – жамаатты жалпы идеялардын, тарыхтын, өлкөлүк маңызга тартылгандыктын негизинде түптөө. Бош убакытты өткөрүү үчүн жагымдуу шарттар тематикалык пландоо жана долбоорлоо аркылуу камсыз болот.*

## Маселенин чоо-жайы

Элетте калктын бош убактысын өткөрүүнү уюштуруунун өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар. Совет маалында маданий инфраструктура нормативдерге ылайык курулган (мисалы, клубдагы отургучтардын саны 10000 кишиге эсептелинген ж.б.). Бул нормативдердин негизинде өтмө жолдун аралыгындагы жеткиликтүүлүк принциби жатат.

Айылда райондук маданият үйлөрү иштеп жаткан маданий-бош убакытты өткөрүүчү түзүлүштөрдүн тарамында уюштуруучулук-методикалык борборлор райондун клуб мекемелери тарабынан түзүлгөн жана алдына коюлган тапшырманы аткарып келишкен. Алар калкка агартуучулук жана көңүл ачуучу мүнөздөгү түрдүү кызматтарды көрсөтүп, ошондой эле бош убакытты өткөрүүнүн жана эс алуунун түрдүү формаларын уюштуруу, өз демилгеси менен чыгармачылык менен алектенүү аркылуу өзүн өнүктүрүп, көрсөтө алуу үчүн шарттарды түзүп келишкен.

Клубдун ишинде фестивалдар, конкурстар, ийримдер, студиялар ж.б. өңдүү маданий практикалар ишке ашырылган. Жалпы союздук жана бир республикалык каналды тарткан үйдөгү телевизор клубга түз атаандаш болгон эмес. Себеби иш күндөрү каналдар кечки маалда – 18.00дөн 24.00гө чейин, ал эми дем алыш күндөрү түштөн кийин берүүлөрүн көрсөтө баштачу. Ошону менен бирге клубдун иши да, каналдарда көрсөтүлгөн берүүлөр да идеологияга негизделип, тарбия иштеринде эффективдүү аспап болуу менен, бири-бирин толуктап турган.

Ушул тапта элет жергесиндеги социомаданий кырдаал балдардын, жаштардын жана улуу муундун маданияттан жана искусстводон обочодо калуусуна байланышкан бир топ терс кесепеттер менен мүнөздөлүүдө (бул жерде сөз бош убакытты өткөрүүнүн маданий практикаларынын кадыресе советтик формалары жөнүндө болууда). Маданий мекемелерге бөлүнгөн финансылык каражаттын кескин кыскартылышы, элеттеги маданият мекемелеринин материалдык-техникалык базасынын эскириши, методикалык камсыздоонун чабалдыгы, кооптуздуктун төмөн деңгээли маданият мекемелердин коомдук мейкиндик катары жагымдуулугун азайтты. Бул болсо айылдагы жашоо сапатына, миграциянын өсүшүнө жана калктын маргиналдашуусуна, оолукма жүрүм-турумдун өсүшүнө таасирин тийгизип жатат.

Рынок экономикасына өткөн шарттарда маданият чөйрөсү мамлекеттен ажыратылып, децентралдашканы тууралуу көп айтылды: рынок жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу бардык көйгөйлөрдү ошол заматта чечет деген үмүт менен, мамлекет маданият чөйрөсүн каржылоодо өзүнүн катышуусун азайтууга аракеттенди. Бирок, тилекке каршы, бул ишке ашкан жок. Башка максаттар менен, башка тапшырмаларды аткарган маданий инфраструктура жана бул чөйрө дээрлик талкаланды же пайдасыз болуп калды. Себеби калк маданиятка жолду "унутту".

Убакыт бюджеттерин изилдөөнүн жыйынтыктарына караганда, бир кыргызстандык күн сайын телевизор көрүүгө орточо беш сааттан кем эмес убактысын сарптайт. Башкача айтканда, бош убакытты үйдө өткөрүү көнүмүш адатка айланды. Мында үй жеке жана жамаат менен бош убакытты өткөрүүнүн жалгыз легитимдүү борборуна айланса, телевизор көңүл чордонунда болуп, маалыматты алуунун маанилүү булагына, карама-каршылыктуу социомаданий нормалардын жана жаңы, маал-маалы менен биз үчүн чоочун маданий практикалардын трансляторуна айланды.

Калктын бош убакытты пайдалануусу маданиятынын, руханий керектөөлөрүнүн жана конкреттүү инсандын же социалдык топтун кызыкчылыктарынын кандайдыр бир индикатору болуп саналат.

Бош убакытты үйдө өткөрүп калуунун башка дагы терс эффекттери бар: жаштар таанышып, жаңы эле баш кошкон түгөйлөрдүн "гүл-таттуу" этабы өтчү коомдук мейкиндик кыскарууда. Экинчи жагынан түрдүү социалдык топтордо жана этностук жамааттарда бири-бири менен бейформал байланыш түзүүсү үчүн жетиштүү шарттар жок, мунун натыйжасында адамдар бири-биринен алыстап баратат.

Чекене соода дүкөндөрү жана аларга чектеш жайгашкан аянтчалар; коомдук транспорт үчүн аялдамалар; дем алыш күндөрү базарлар, спорт объекттери (стадиондор, спорт залдар), маданий мекемелер (чиркөөлөр, мечиттер) жана сейил бактар (гүл бакчалар) коомдук мейкиндиктин функцияларын аткара баштады. Мечиттерди ала турган болсок, мында олуттуу чектөө бар – бул коомдук жайлар негизинен эркектер үчүн.

Заманбап каражаттарга (планшеттер, смартфондор ж.б.) жана коммуникация каналдарына (санарип телевидение, интернет, мобилдик интернет ж.б.) жеткиликтүүлүк жана мобилдүүлүк өскөнүнө карабастан элет калкында "жогорку" маданият (театрлар, музейлер, концерт залдары) менен таанышууга мүмкүнчүлүгү жок. Ошондуктан клубдар, маданият үйлөрү алар үчүн эс алуу, маданий иш-чараларга баруу, баарлашуу жана бош убакытты биргелешип өткөрүү үчүн жалгыз жерге айланды.

Эл аралык гуманитардык уюмдар туруктуу негизде өткөрүп келаткан талаа изилдөөлөрүнүн материалдары 2010-жылдан бери жергиликтүү жамааттардын деңгээлинде коомдук керектөөлөрдүн структурасында жана иерархиясында өзгөрүүлөрдү көрсөтө баштады. Ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк, жайыттарды башкаруу маселелерин чечүү ж.б. өңдүү көйгөйлөрдү баскыч-баскычы менен чечүү бош убакытты жана чыгармачыл жактан өзүн көрсөтүүнү уюштуруу маселелерин актуалдаштыруу үчүн шарттарды түздү.

Бош убакытты уюштурууга болгон суроо-талаптын пайда болушуна жана көбөйүшүнө саналуу донорлор, долбоорлор жана өнүгүү агенттиктери гана ыкчам реакция жасай алышты. Спорт жана маданият инфраструктураларын курууга же капиталдык ремонт жасоого болгон даярдык жана реалдуу жардам көрсөтүү ниети алардын башын бириктирди. Ошону менен бирге "ак ниет башкаруу принциптерин колдонууга жана мындай кызматтарды көрсөтүү үчүн рентабелдүү, инновациялык жана туруктуу чечимдерди пайдаланууга кантип дем берсе болот" деген суроого жооп табыла элек. "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоору бул көйгөйлөрдү чечүүгө бел байлап кириште. Аталган долбоорду курамына Helvetas Swiss Intercorporation менен Өнүктүрүү саясат институту кирген консорциум ишке ашырат.

Элет калкын маданиятка жакындатуу тапшырмасы бош убакытты өткөрүү ишин дидактикалык жана методикалык жактан камсыз кылуунун жаңы формаларын, турмуш-тиричиликти, эс алууну, туризмди, спортту, адамдардын бош убактысын өткөрүүсүн камтыган технологиялык жол-жоболорду издеп, аларды киргизүүнү талап кылууда.

## Кырдаалга анализ

Бош убакытты өткөрүү чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу методикасын сүрөттөөгө жана тестирлөөнүн жыйынтыктарына өтөөрдөн мурда чектөөлөргө жана факторлорго токтололу:

Элеттик жамааттар күчтүү жергиликтүү иденттүүлүк менен мүнөздөлөт. Мында индивид көп учурда өзүн аймактык жалпылыктын мүчөсү катары сезет, бул болсо туруктуу жергиликтүү жамааттарды калыптандырууга өбөлгө болот.

Бош убакытты өткөрүүнү уюштурууга карата чыгармачыл мамиле жасоо маселеси мамлекеттик деңгээлдеги тапшырма, бирок ал жергиликтүү деңгээлде өзгөчө эффективдүү чечилет.

Бош убакытты уюштурууга (спорт, маданият) карата калктын суроо-талабы өсүүдө; кызыкчылыктардын жоктугу, эч нерсе менен толтурулбаган өтө чоң көлөмдөгү бош убакыт жана керектелбеген энергиянын жоголо бериши анын карама-каршысында жатат.

Балдар, жаштар жана улуу муун маданияттан жана искусстводон, чыгармачыл жактан өзүн көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырап жатышат: эгерде улуулар совет маалында бош убакытты уюштуруу практикасы жөнүндө эскерүүлөр менен жашап келсе, өсүп келаткан муун жамаат менен чогуу бош убакытты кантип уюштурса болорун билбейт.

Бош убакыт үйдө өтүп калды, мында үй жана санарип телевидение (интернет, мобилдик интернет) коомдук мейкиндиктин негизги атаандаштарына айланды. Эркин убакыттын бюджети өсө берет жана адамды эмне менен алектендириш керек деген суроо турат.

Райондук маданият үйлөрү уюштуруучулук-методикалык борборлордун функциясын аткарбай калышты жана "кызмат көрсөтүү үчүн рентабелдүү, инновациялык жана туруктуу чечимдерди" иштеп чыгышпайт. Анын үстүнө укуктук коллизия да бар – райондук мамлекеттик администрация маданият

мекемесинин жетекчисин дайындайт, ал эми маданият (спорт) мекемеси жергиликтүү бюджеттеги каражаттан каржыланат (эрежеге ылайык, өнүктүрүү бюджеттерсиз).

Раймамадминистрациядан, облмамадминистрациядан түшкөн сунуштамалар (ресурстар менен бекемделбеген циркулярлар), ведомстволордон, бейөкмөт уюмдардан кайрылуу каттар, жергиликтүү жамааттардын демилгелери пландоонун өзөгүн түзөт.

Иш-чаралардын репертуары жана алардын мазмуну окшош, райондук мамлекеттик администрациялан түшкөн циркуляр менен түзүлөт – календардык жылга Иш планы менен. Ал расмий майрамдык календарга байланышкан негизги иш-чараларды камтыйт (Нооруз, Эгемендик күнү, Ч.Айтматовдун 90 жылдыгы ж.б.). Жергиликтүү бийлик органдары регионалдык масштабдагы иш-чараларды кошуу жолу менен планды толуктап турушат. Алар салттуу спорт майрамдарын, жөрөлгөлөрдү, оозеки элдик чыгармачылыкты, элдердин тиричилик маданиятын кошушат (мисалы, “Сармерден” конкурсу).

Бош убакытты өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн бир өтмө жол аралыгындагы жеткиликтүүлүк принцибине кошумча транспорттук жеткиликтүүлүк принциби туура келет. Мында жеке жана коомдук транспорт тейлөө чек араларын кеңейтип, маданият (спорт) мекемелеринин жагымдуулук критерийлеринин бири болуп саналат.

Элет калкынын басымдуу бөлүгү бош убакытты өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр акысыз болууга тийиш деп эсептейт жана азырынча бул үчүн адекваттуу бааны төлөөгө даяр эмес. Натыйжада кызмат көрсөтүү ишкерлер үчүн көп жагымдуу эмес жана жергиликтүү бюджет үчүн чыгашалуу болууда.

Мамлекеттик заказ жана мамлекеттик (муниципалдык) социалдык заказ бош убакытты өткөрүү чөйрөсүндөгү атаандаштык чөйрөсүн түзүү үчүн аспап катары каралбай келет.

Маданият/спорт мекемелеринин укуктук статусу көп учурда такыр эле жол-жоболоштурулган эмес.

## Инновациялык методиканын маңызы

Ар бир айылдын, райондун өзүнүн тарыхый тамыры, индивидуалдуулугу, маданий салттары бар. Ошондуктан алардын ар бири үчүн алгылыктуу, табигый, жашап кетүүгө жөндөмдүү бош убакытты өткөрүүнүн формаларын өз алдынча жүзөгө ашырышы керек. Айылда стационардык маданий-бош убакыт өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр дээрлик жок болгон шарттарда социалдык тилектештикке (социалдык өз ара аракеттенүүгө) негизделген жамааттык турмуштун салттарынын дараметин колдонуш керек. Бош убакытты өткөрүү чөйрөсүндө инсандын жана коомдун кызыкчылыктары кесилишет.

Бул этапта айылдык социумда, биздин баамыбызда, салттуу билимди жана маданий практикаларды жеткирүүгө көмөктөшө ала турган социомаданий иштин формаларын уюштуруу зарыл. Анын өзөгүн элдик салттар, адаттар, ырым-жырымдар, майрамдар түзөт.

Бош убакытты уюштуруунун принциптери:

- Кызмат көрсөтүүнү пландоонун, сапатын жана эффективдүүлүгүн баалоонун бардык баскычтарында кызмат көрсөтүүнү керектөөчүлөрдүн укуктарына жана кызыкчылыктарына тиешелүү чечимдерди кабыл алууга катышуусу.
- Социалдык кызыкчылык (башкалар менен кызыгуу жөндөмдүүлүгү жана буга катышуу).
- Топтордун кызыкчылыктарын макулдашуу: дайыма маданиятты керектөөчүлөр менен өндүрүшчүлөрдүн кайтарым байланыш аспаптарына такалат. Окуялар календарын иштеп чыгуу процессине сырттан адамдарды тартуу. Бул болсо элеттиктердин/шаардыктардын акысыз же арзан баада өз идеялары менен бөлүшүү каалоосуна дем берүү максатында жасалат. Алар муну өз идеялары кантип ишке ашканын көрүү үчүн жасашат (катышуучулардын жамаатын түзүү; жамааттарды катышууга үндөө; талкууну баштоо; иш-чаралардын тизмесин түзүү).

## Технологиялык жол-жоболор

Тренингдин программасы 13 тематикалык сессияны өткөрүүнү өзүнө камтыйт: 1-5-сессиялар[1] бош убакытты уюштуруу максаттарын, принциптерин, укуктук өңүттөрүн түшүнүүгө жардам берет; 6-13-сессияларда ресурстарга инвентаризация жасалат, кырдаалга анализ жасалат, пландоонун негиздери аныкталат, кызыкчылык субъекттерине жана максаттуу аудиторияга инвентаризациялоо жасалат, окуялардын жана иш-чаралардын календарынын долбоору даярдалат, айылдын/шаардын өнүгүү сценарийи жана өз алдынча иш үчүн тапшырмалар аткарылат, бош убакытты уюштуруунун максаттары, принциптери, механизмдери аныкталат, ошондой эле бош убакытты өткөрүү чөйрөсүндө муниципалдык кызмат көрсөтүүнү уюштуруунун укуктук өңүттөрү белгилүү болот. Адаптацияланган жана сыноодон өткөрүлгөн методикада[2] технологиялык жол-жобо төмөнкүдөй берилди:

1. Иш-чаралардын тематикасын пландоодо аталган айылга/шаарга, округга, облуска, өлкөгө тиешеси бар маңыздык ресурстарга инвентаризация жасалат. Бул болсо жергиликтүү жамаатты талкуу процессине

[1] 4-сессия «Бош убакытты уюштуруунун укуктук өңүттөрү (ЖӨБОнун ыйгарым укуктары, кызмат көрсөтүүлөрдүн жергиликтүү реестри, маданий жана спорттук муниципалдык мекемелердин укуктук статусу)» жана 5-сессия «Кызмат көрсөтүүнү уюштуруунун укуктук өңүттөрү: акысы, стандарттар, эмгек мамилелери» тренингдин материалдарынан алынды. «Жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдүн укуктук негиздери» аттуу тренингдин материалдарын «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» долбоорунун алкагында LBD-консалтингдин эксперттери иштеп чыгышкан.

[2] «Бренддердин портфели шаардык диалогдун технологиясы катары» семинарына колдонмо урбанистика борборунун материалдары (С.Мурунов).

кошуп, тиешелүү маданий коддордун (“Биз кимбиз?”, “Эмнебиз бар?”, “Кимге жана эмнеге сыймыктанабыз?”, “Эмнени баалай албай жатабыз?” деген суроолор жооп берүү менен) матрицасын толтуруу жолу менен ишке ашат.

2. “Айылдын/шаардын 3 катмар моделин” толтуруу: физикалык мейкиндиги, социалдык системалар жана мамилелер, маданий коддор.
3. Айылдын/шаардын маданий коддорунун матрицасынын негизинде окуялар календарын иштеп чыгуу.
4. Кызыкчылыктар субъекттерине жана максаттуу аудиторияга инвентаризация жасоо (социалдык өз ара аракеттенүүнү уюштуруу же алар тарабынан каршылыкты алдын алуу максатында).
5. Айылдын/шаардын бир жана беш жылдык өнүгүү сценарийи.

Андан ары кабыл алынган чечимдердин толуктугун жана сапатын камсыз кылуу үчүн сунушталган алгоритмди аткарып чыгыш керек:

- Окуялар календарынын долбоору менен үндөшкөн, ишке ашыруу индикаторлорун камтыган календардык иш планды иштеп чыгуу зарыл.
- Пландоодогу финансылык ажырымдарды аныктап, бюджеттен тышкаркы каражаттарды кошкондо каржылоо булактарын сунушташ керек.
- Толтурулган документтердин негизинде (маданий коддордун матрицасы, айылды өнүктүрүү сценарийи, маданий окуялардын календары, календардык план) маданий/спорттук окуялардын Календарынын долбоорун иштеп чыгуу зарыл.
- Акысыз/акыга, түз келишимдин, аутсорсингге (ижарага) берүүнүн негизинде муниципалдык кызмат көрсөтүү үчүн ыктымал башкаруучулук чечимдерге шарт түзүш керек.
- Айыл өкмөтү Окуялардын календарына каражат бөлүп берүү чечимин кабыл алуусуна лобби жасаш керек (смета, мамлекеттик заказ, муниципалдык социалдык заказ).
- Иш планынын долбоорун (күтүлгөн жыйынтык, баштапкы жана күтүлгөн көрсөткүч, индикаторлор, ресурстар ж.б.) иштеп чыгуу зарыл жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирип берүүчүлөрдү табуу керек.
- Ишти формалдаштырып, иш-чаранын бир синопсисин жана бир сценарийин сунуштоо керек.

Бул методика боюнча Жалал-Абад жана Балыкчы шаарларында окуулар өткөрүлүп, семинарлардын катышуучуларына кластердик форматта консультациялар берилди. Маданий/спорттук иш-чараларды өткөрүү боюнча пикир жана тажрыйба алмашуу жүрдү. Маданият/спорт мекемелеринин кызматкерлери жеринде көнүмүш, кадыресе иш-чараларды (фестивалдарды, марафондорду, ыркесе, сармерден, ийримдик иштер, улуттук майрамдар боюнча концерттерди, маарекеге байланыштуу иш-чаралар комплексин ж.б.) өткөрүп жатат деген гиптеза тастыкталды. Методиканы тестирлөөнүн кыйыр жыйынтыктары төмөнкүдөй:

- Маданият/спорт мекемелеринин кызматкерлери маалыматка ээ эмес, аймактын өзгөчө тарыхын, маданий өзгөчөлүктөрүн, маңыздык ресурстарын билишпейт. Окуяларды жана иш-чараларды жергиликтүү жамаат үчүн кызыктуу боло турган, мындан улам жергиликтүү жамааттын биргелешип бош убакытты өткөрүүгө кызыгуусун жарата турган нукка бура алышпайт.
- Маданият/спорт мекемелеринин кызматкерлери бош убакытты өткөрүү үчүн кызмат көрсөтүүнүн чоң алкагын баамдай алышпайт: жергиликтүү жамааттарды бириктирүү жана калыптандыруу, ишеним радиусун кыскартуу, чыгармачыл жактан өзүн көрсөтүү үчүн шарттарды түзүү, убакытты пайдалуу өткөрүү ж.б.
- Сунушталган иш-чаралардын басымдуу бөлүгү майрамдоо принцибине (майрам, көңүл ачуу, ма-анай ачуу) жана бош убакытты сырттан байкоого (иш-аракеттерге кошулбастан) негизделген.
- Иштин долбоордук тиби үчүн (технологиялар менен) компетенциялар жана көндүмдөр жок.
- Иш-чаралардын экстерриториалдуулук принциби сакталбайт (клубда, спорт комплексинде, паркта гана эмес, ошону менен бирге айылдын/шаардын көчөлөрүндө да).
- Маданият/спорт мекемелеринин кызматкерлери калкты, активисттерди, максаттуу топторду пландоо процессине кошушпайт.
- Пландоодо финансылык ажырымдар эсептелинбейт.
- Бардык көйгөйлөр эки нерсеге такалат: бош убакытты өткөрчү объекттерде үн жабдууларынын жана ремонттун жоктугу.

## Жалпы мүнөздөгү сунуштамалар

Мекемелердин кызматкерлерине методикалык жардам көрсөтүү системасы болушу керек. Ал өзүнө бош убакытты уюштуруунун укуктук өнүттөрү боюнча предметтик консультацияларды, ишке ашыруу индикаторлорун иштеп чыгууну, ошондой эле тышкы администрациялоону, кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу пландарын түзүү боюнча консультацияларды камтыйт.

Мамлекеттик заказ жана мамлекеттик (муниципалдык) социалдык заказ жеринде өнүктүрүү субъекттерин пайда кылган аспаптар жана бош убакытты өткөрүү боюнча кызматтарды көрсөткөн мекемелердин уюштуруучулук-укуктук формаларын диверсификациялоо ыкмасы катары каралууга тийиш.

Экстерриториалдуулук принцибин (клубда, спорт комплексинде, паркта гана эмес, ошону менен бирге айылдын/шаардын көчөлөрүндө да) кошкондо, иш-чараларды өткөрүүнүн формаларын жана усулдарын өзгөрткөндү үйрөтүш керек.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын маданият жана спортту өнүктүрүү маселелерине окутуш керек.

# Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) каржылаган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

Түрмөктү ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси **Нургуль ЖАМАНКУЛОВА** даярдады, ӨСИ

Жалпы редакция – **Сабина ГРАДВАЛЬ,** ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары, ӨСИ




## Жарандык бюджет – бул жергиликтүү бюджеттердин ачыктыгын жана отчеттуулугун камсыз кылган реалдуу аспап

Ош, Нарын, Жалал-Абад, Чүй жана Ысык-Көл облустарындагы отуздан ашуун элеттик муниципалитеттердин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары 2018-жылдын жарандык бюджеттерин иштеп чыгышты.

Долбоордун муниципалдык финансы боюнча адиси Азамат МАМЫТОВдун айтымында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары колдонгон мындай ыкма ачык-айкындуулукту жана отчеттуулукту камсыз кылууга жардам берет. Ал эми жарандардын бюджет тууралуу маалыматка жетүү демилгеси Кыргызстандагы бийликтин бюджет айкындуулугунун индексин жакшыртууга багытталган.

“Жарандык бюджет түшүнүктүү тилде баяндалып, ар бир аймактын тил өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен даярдалат. Негизги максат – жарандардын каражаттарынын түзүлүшү жана аларды чыгымдоо тууралуу маалыматты калк үчүн түшүнүктүү тилде даярдоо. Бул финансылык документ Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык, жашоочуларды жергиликтүү бюджет менен тааныштыруу үчүн даярдалат. Жарандык бюджетте кийинки жылга жамааттын артыкчылыктуу маселелери жана аларды чечүүгө багытталган финансы каражаттарынын көлөмү чагылдырылат. Себеби бюджеттин айкындуулук маселеси баарын кызыктырат – үй кожойкелерин да, жогорку кызматты ээлеген аткаминерлерди да. Бирок бюджет тууралуу маалыматты жөн эле алып коюу жетишсиз: биринчиден, аны түшүнүш керек; экинчиден, калкта жергиликтүү бюджеттин каражаттарын бөлүштүрүүгө таасир тийгизүү мүмкүнчүлүгү болушу керек. Дал ошондуктан Жарандык бюджеттин бирдиктүү форматы ар кандай түстө даярдалган документ түрүндө берилет, анда кирешелердин булактарынын түрлөрү жана чыгашалардын багытта-

ры так сандар менен берилген", - деп айтты Азамат МАМЫТОВ.

2018-жылы Жарандык бюджетти иштеп чыгып, жергиликтүү калк арасында жайылтуу ниетин билдирген беш облустагы бардык муниципалитеттер үчүн Долбоор техникалык жана финансылык жардам көрсөттү.

Жарандык бюджеттердин электрондук версияларын Долбоордун сайтынан таба аласыз:

- орус тилинде: http://vap.kg/ru/activities/intergovernmental_relations/local-budgets/
- кыргыз тилинде: http://vap.kg/ky/activities/intergovernmental_relations/local-budgets/



# Муниципалдык сайттар жана маалыматты жайылтуунун заманбап аспаптары менен иштөө боюнча практикалык семинар

2018-жылдын 27-февралында Бишкекте муниципалдык сайттар жана маалыматты жайылтуунун заманбап аспаптары менен иштөө боюнча семинар өттү. Ага муниципалдык веб-сайттардын администраторлору жана Чүй облусунун 10 муниципалитетиндеги Биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунун мүчөлөрү катышты. Бул муниципалитеттер: Кочкорбаев, Күн-Туу, Кызыл-Туу, Александровка, Таш-Мойнок, Бурана, Гроздь, Ак-Башат, Юрьевка жана Фрунзе айылдык аймактары.

"Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорунун алкагында Чүй облусунун бир катар ЖӨБ органдарына муниципалдык веб-сайттарды түзүүгө көмөк көрсөтүлдү. Мындай жардамдын максаты – ЖӨБ органдарынын ачыктыгын жана айкындуулугун жогорулатууга көмөктөшүү, жарандардын жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуу процессине катышуусу үчүн шарттарды түзүү, жергиликтүү бюджеттердин каражаттарын башкарууда ачыктыкты камсыз кылуу. Анткени бүгүнкү күндө маалымат – мамлекеттин жана коомдун өнүгүп, иштеши үчүн негизги ресурстардын бири. Ошондуктан бийлик органдары менен коомдун ортосундагы маалымат алмашуу – мамлекеттин натыйжалуу иштешиндеги маанилүү фактор. Долбоордун буюртмасы менен Weltkind веб-студиясы ЖӨБ органдарынын керектөөлөрүн эсепке алуу менен муниципалдык сайттын ШАБЛОНУН иштеп чыкты. Мында жарандардын маалыматка жеткиликтүүлүк камсыз кылууда КР мыйзамдарынын талаптары да эске алынды. Семинар маалында катышуучуларга муниципалдык сайтты администрациялоо боюнча Колдонмо (мындан ары – Колдонмо) тартууланды, аны Долбоор эки тилде даярдап, басып чыгарган болчу. Колдонмодо веб-сайтты башкаруунун администрациялык панелинин бардык мүмкүнчүлүктөрү кеңири көрсөтүлгөн. Тагыраак айтканда: жаңылыктарды, кулактандырууларды, макалаларды, сүрөттөрдү, документтерди жана башка зарыл маалыматтарды жайгаштыруу, жол-жоболоштуруу (өчүрүү). Административдик панелди өздөштүрүү жеңил болсун деп, Колдонмого сүрөттөр (скриншоттор) киргизилди. Алардын

алдына түшүндүрмө жазуулар да кошулду. Бардык сүрөттөр веб-сайттагы модулдарга (бөлүмдөргө) ылайык кадам-кадамы менен келтирилген", - деп айтты Долбоордун жетекчисинин орун басары Сабина ГРАДВАЛЬ.

Семинардын жүрүшүндө муниципалдык сайттардын администраторлору колдонмо менен кеңири таанышып чыгып, иш жүзүндө анын бардык бөлүмдөрүн сынап чыгышты. Натыйжада алардын муниципалитеттеринин сайттарында бюджет, калктын артыкчылыктуу маселелерин чечүү боюнча пландары тууралуу маалыматтарды кошкондо өтө маанилүү документтер пайда болду. Айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин – сайттын администраторлорунун жанында БМжБ тобунун өкүлдөрү иштешти. Эми алар да ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча пландарын кандай аткарып жатканына мониторинг жүргүзүү үчүн кайсы жерден, кандай маалымат алса болорун так билип калышты. БМжБ топтору сайтка маалыматтар жана анын ичинде Жарандык бюджет канчалык өз убагында кирип жатканына дыкат көңүл бурулат.

Колдонмонун электрондук версиясын Долбоордун сайтынан алса болот: http://vap.kg/ru/press_room/publications/full/162.html



# Нарын жана Ош облустарынын бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрү Жарандардын бюджеттик процесске катышуу моделинде каралган мониторинг жана баалоо системасы менен таанышып чыгышты

9-февралда Ошто, 15-февралда Нарында "Коомдук мониторинг жана бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси" темасына Ош облусунун бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрү үчүн тренингдер өттү.

Тренингди Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоору (мындан ары – Долбоор) уюштурду.

"Биринчи тренинг Ош шаарында өтүп, биз ага жарандык коом уюмдарынын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүн чакырдык. Тренингдин негизги максаты – коомдук мониторинг жаатында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ачыктык жана айкындуулук маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптары жөнүндө маалымдоодо коомдук уюмдардын өкүлдөрүнүн дараметин күчтөндүрүү. Жарандардын бюджеттик процесске катышуу моделинде каралган биргелешкен мониторинг жана баалоо системасы тууралуу маалымат берилгенден тышкары, катышуучуларга коррупциялык көрүнүштөр өзгөчө көп байкалган чөйрөлөрдө ЖӨБ органдарынын ишине мониторинг жүргүзүүнүн өзүнчө аспаптары да тартууланды. Аны менен катар, катышуучуларга мамсатып алуулар порталы жана кадастрдык геомаалыматтар системасы (КГМС) аркылуу мониторинг жүргүзүү боюнча Колдонмо да берилди (муниципалдык менчиктеги объекттер – жерлер жана кыймылсыз мүлк объекттери менен бүтүмдөр). Семинар маалында бардыгында тигил же бул ЖӨБ органы же маморган эмне-






ни сатып алып жатканын онлайн режиминде көрүү мүмкүнчүлүгү болду. Ушундай эле тренинг Нарын облусунун бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен Нарында өткөрүлдү. Катышуучулардын жалпы саны 39 адам болду, алардын ичинен 26сы аялдар", - деп айтты Долбоордун мониторинг жана баалоо боюнча адиси Медет СУЛТАМБАЕВ.

# Чакан гранттар программасынын конкурсуна 2018-жылы 121 долбоордук өтүнмө түштү



2018-жылдын 15-февралында Чакан гранттар программасынын конкурсуна катышуу үчүн долбоордук өтүнмөлөрдү кабыл алган акыркы күн болду. Бул конкурсту Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоору (мындан ары – Долбоор) уюштурду. Саат 17.00дө долбоордук өтүнмөлөрдү каттоо аяктады. "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорунун Чакан гранттар программасы Нарын жана Ош облустарындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан өтүнмөлөрдү кабыл алды.

"Каттоо барагы жабылган учурга карата 121 өтүнмө түшкөнү белгилүү болду. Алардын ичинен 59у Нарындан жана 62си Ош облусунан. Биз бул жергиликтүү жамааттардын 121 артыкчылыктуу көйгөйүн чечүүгө үмүт болгонун жакшы түшүнүп турабыз. Биз мындай сандагы долбоордук өтүнмөлөрдү даярдоонун артында ЖӨБ органдарынын кандай эмгеги жана күчү жатканын билебиз. Конкурска даярдануунун алкагында эки облустун ЖӨБ органдары коомдук иш-чараларды өткөрүштү, өздөрү да биздин атайын тренингдерибизге жана консультациялык жолугушууларыбызга катышты. Эми конкурс башталууда. Алдын ала тандоодон өтө турган өтүнмөлөр 35 орун үчүн ат салышат. 2018-жылы Чакан гранттар программасынын фонду 35 миллион сомду түздү. Мындан улам Конкурстук комиссиянын мүчөлөрүнүн алдында абдан оор жана чоң жоопкерчиликти талап кылган иш турат – бардык өтүнмөлөр менен таанышып чыгып, аларды баалап, мыкты долбоорлорду аныктоо. бул – жамааттын аныкталган артыкчылыктарына жооп катары чындап иштелип чыккан, калк менен кеңири талкуулардан өткөн долбоорлор. Долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу көп сандагы аялдардын көйгөйлөрүн чечүү, мында аялдардын кызыкчылыктарын эсепке алуу болжолдонуп жаткан долбоорлор. Ушундан улам мен өз өтүнмөлөрүн жиберген өнөктөштөрүбүздөн чыдамкай болуп, конкурстун жыйынтыгы чыккан күндү күтө турууга чакырам. Конкурстун жыйынтыктары 2018-жылдын 10-мартынан кийин жарыяланат. Биз бүгүнтөн баштап эле өтүнмөлөр менен иштей баштадык. Ар бир өтүнмөгө уникалдуу код берилет. Мунун жардамы менен комиссиянын мүчөлөрү муниципалитетти эмес, сүрөттөлгөн долбоорду баалашат. Башкача айтканда, өтүнмөлөрдөн аны берген муниципалитет тууралуу бардык сөздөр алып салынат жана комиссия долбоорлорду бейтарап жана объективдүү баалай алат", деп айтты Долбоордун гранттар боюнча адиси Султан МАЙРАМБЕКОВ.

2018-жылы гранттын суммасы бир долбоор үчүн 1 миллион сомду түзгөн. Ар бир муниципалитет-өтүнмө берүүчү Конкурска экиден ашпаган дол-

боор берип, экиден ашпаган грант алалат. Акча каражаттары сом менен, Долбоорду тейлеген коммерциялык валютанын курсу боюнча которулат. Ошону менен бирге жергиликтүү жамааттын салымы гранттык долбоордун жалпы баасынан 10 %дан кем эмесин түзүшү керек.

# 15 максаттуу ЖӨБ органы калк менен биргеликте иш-аракеттер планын иштеп чыгышты

Жергиликтүү деңгээлде пландоо маселелери жергиликтүү да, улуттук да деңгээлдерде бюджеттик ресурстарды бөлүштүрүү боюнча мыйзам чыгаруу чөйрөлөрүндө соңку өзгөрүүлөр маанилүү болуп турат.

“Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун алкагында ЖМБА-иш-чаралары процессинде аныкталган көйгөйлүү маселелерди чечүү боюнча ЖӨБО менен жергиликтүү жамааттын иш-аракеттерин биргелешип пландоо боюнча иш-чаралардын комплекси жыйынтыкталды. Натыйжада муниципалитеттин өнүгүүсүнө багытталган документ даярдалып, кабыл алынды. Бул – 2018-2019-жылдарга жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча ЖӨБ органдары менен жергиликтүү жамааттын Биргелешкен аракеттер планы (БАП).

"Жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдарынын биргелешкен иш-аракеттерин пландоо жергиликтүү жамааттын өнүгүүсүн пландоо процессинин бир бөлүгү болгону Ош жана Нарын облустарынын 15 максаттуу муниципалитеттеринде өткөрүлгөн иш-чаралардын өзгөчөлүгү болуп калды. Кабыл алынган БАП калктын реалдуу артыкчылыктарына негизделгени, жамаат аларды ишке ашыруу үчүн жоопкерчиликтин бир бөлүгүн өзүнө алганы БАПтын баалуулугу менен шартталды. Жамааттын муктаждыктарын биргелешип аныктоонун жыйынтыктарынын негизинде түзүлгөн Биргелешкен аракеттер планы (БАП) муниципалитеттердин стратегиясынын жана өнүгүүсүнүн бир бөлүгү болуп калды. Анын негизинде айыл өкмөтү жана жергиликтүү кеңештер өздөрүнүн жумушчу пландарына өзгөртүүлөрдү киргизүүнү пландашат. Бул процесс Бюджеттик кодекстеги Социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын (СЭӨП) иштеп чыгуу жаатындагы мөөнөттөргө мүмкүн болушунча жакындатылганы да маанилүү болду", деп айтты Долбоордун ЖӨБ боюнча адиси Танат ОСМОНКУЛОВ.

Ош жана Нарын облустарынын 15 максаттуу муниципалитети үчүн БАП долбоорун пландоо жана даярдоо процесси боюнча көндүмдөрдү өнүктүрүп, билим берүү максатында тренингдер өткөрүлдү. “Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү жамааттын жана ЖӨБ органдарынын биргелешкен аракеттерин пландоо” темасына өткөн тренингге бардык кызыкдар адамдар катышты: ЖӨБ органдарынын, мамлекеттик органдардын өкүлдөрү гана эмес, ошондой эле жергиликтүү жамааттардын арасынан активисттер, райондордон кызыкдар муниципалитеттердин өкүлдөрү да келишти.

Окуунун жүрүшүндө жергиликтүү деңгээлде социалдык-экономикалык өнүгүүнүн негиздери боюнча билимди (пландоонун маңызы жана түрлөрү, алардын өз ара байланышы жана айырмалары), жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу модели, Биргелешкен аракеттер планын (БАП) иштеп чыгуу боюнча практикалык көндүмдөр, БАПты ишке ашырууда ресурстар менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүктөрү ж.б. өңдүү түрдүү маселелер каралды.

“Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу процессин уюштуруу” темасы катышуучулар арасында өзгөчө кызыгууну жаратты жана аны талкуулоого көбүрөөк убакыт кетти. Көпчүлүк катышуучуларда стратегия, программа жана план ортосундагы айырманы түшүнүүдө кыйынчылыктар жаралды. Көпчүлүк муниципалитеттерде өнүгүү стратегиялары, программалары жана пландары бар болчу, алардын бир бөлүгү донордук программалардын алкагында даярдалган. Бирок көпчүлүк катышуучуларда бул документтердин мазмуну жөнүндө маалыматы жок болуп чыкты, себеби алар жергиликтүү калк үчүн коомдук угууларга чыгарылган эмес. Катышуучулардын негизги көңүлү көйгөйдү формулировкалоого, аны кыскача сүрөттөөгө бурулду. Себеби келечекте талдап чыгып, сапаттуу себептик-натыйжа анализ жүргүзүү үчүн, тапшырмаларды жана конкреттүү иш-чараларды пландоо үчүн бул зарыл. Катышуучулардын бири мындай деди: “Жашоочулар үчүн маанилүү болгон көйгөйдү аныктоо кыйын. Анткени жашоочулар конкреттүү жыйынтыкты көргүсү келет эмеспи. Мисалы, спорт залдын жоктугун көйгөй катары аныкташат жана аларга имарат эмес, жаңы секциялар, тажрыйбалуу машыктыруучулар түрүндө кызмат көрсөтүү керектигин дайыма эле ойлоно беришпейт. Айыл өкмөтү ушул багытта ишти уюштуруу боюнча маселени чечкени маанилүү”. Катышуучулар тапшырманы жана соңку максаттарды белгилеп алууда кыйналышты. Ошондой эле катышуучуларга Биргелешкен аракеттер планын ресурс менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүктөрү боюнча кеңири маалымат берилди (дем берүүчү грант, региондорду өнүктүрүү фонддору, мамлекеттик социалдык заказ механизми, тышкы инвестициялар, жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирип берүүчүлөр).

# Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзунун жаңылыктары

## ЖӨБ Союзунун Башкаруусунун жыйыны



2018-жылдын 21-февралында Бишкек шаарында КР ЖӨБ Союзунун Башкаруусунун кезектеги жыйыны өттү. Ага Башкаруунун мүчөлөрү жана өнөктөш уюмдардын өкүлдөрү катышты.

Жыйында үч маселе каралды:

- КР ЖӨБ Союзу уюмдун мүчөлөрү үчүн берген кызмат көрсөтүүлөрдүн Тизмегинин долбоору жана 2018-2020-жылдар мезгилине КР ЖӨБ Союзунун Финансылык туруктуулук планынын долбоору;
- муниципалитеттердин кызыкчылыктарын улуттук деңгээлде коргоо механизмдери, мыйзамдарды түзүүдө жана башка чечимдерди кабыл алууда макулдашуу процессинин механизмдери;
- 2018-жылды “Региондорду өнүктүрүү жылы” деп жарыялоо жөнүндө КР Президентинин Жарлыгына карата КР ЖӨБ Союзунун сунуштары.

Үч маселе боюнча КР ЖӨБ Союзунун аткаруучу директору Алманбетов Өмүрбек Бадыевич билдирүү жасады.

Алдыга коюлган маселелерди талкуулоонун жана карап чыгуунун натыйжасында төмөнкүдөй чечимдер кабыл алынды:

КР ЖӨБ Союзунун финансылык туруктуулугу боюнча Союздун туруктуу кирешелеринин өсүшү боюнча сунуш кылынган үч сценарийдин ичинен Базалык сценарий аныкталды. Ага ылайык, 2018-жылы мүчөлүк салымдарды чогултуунун салыштырмалуу төмөн пайызы болот, бара-бара орточо жана ири эмес төлөөчүлөр категориялары боюнча өсө берет.

КР ЖӨБ Союзу өз мүчөлөрү үчүн (айыл өкмөттөрү жана шаарлардын мэриялары) берген кызмат көрсөтүүлөрдүн Тизмеги бекитилди.

2018-жылды “Региондорду өнүктүрүү жылы” деп жарыялоо жөнүндө КР Президентинин Жарлыгына карата КР ЖӨБ Союзунун сунуштары жалпысынан жактырылды жана Башкаруу мүчөлөрүнөн түшкөн сунуштарды эсепке алуу менен биротоло иштелип чыгат.

## Мыйзам чыгаруу ишине катышуу жана ЖӨБдүн кызыкчылыктарын коргоо

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесине ылайык, жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарына тикелей тиешелүү маселелер боюнча чечимдерди даярдоодо жана кабыл алууда мамлекеттик бийлик органдары, мыйзамда белгиленген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын ассоциациялары жана жергиликтүү жамааттардын бирлештиктери менен консультацияларды жана талкууларды өткөрөт.

Узак мезгил бою практикада бул норма айрым учурларда гана иштеп келген. Акыркы жылдары КР ЖӨБ Союзу КР Өкмөт Аппаратынын, министрликтердин жана ведомстволордун иш-чараларында болочоктогу чечимдерди талкуулоого жигердүү катышып келатат.

Жасалган иштердин жыйынтыктары боюнча, мамлекеттик органдар КР ЖӨБ Союзунун эксперттик тыянактарына мурдагы да дыкат көңүл буруп, КР Өкмөтүнүн ченемдик-укуктук актыларынын долбоорлорун жана чечимдерин КР ЖӨБ Союзу менен көбүрөөк макулдаша баштады.

Бирок бул мамлекеттик башкаруу органдары менен жемиштүү өз ара мамилелерди түптөөдө башталыш гана. Себеби жогоруда аталган нормага ылайык, мамлекеттик органдар ЧУА долбоор-

лорун даярдоо этабында эле КР ЖӨБ Союзу жана КР ЖӨБ органдары менен консультацияларды жүргүзүп, КР Өкмөтүнүн мүчөлөрү менен чечимдердин долбоорлорун макулдашканга чейин алардын пикирлерин эсепке алышы керек. 2017-2018-ж.ж. кыш мезгилинде ЖӨБ Союзу Өнүктүрүү саясат институтунун жана ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун колдоосу менен тиешелүү башкаруу органдарына төмөнкү ченемдик-укуктук актыларга карата өз тыянактарын жиберди: “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин иштеп чыгуунун, оптималдаштыруунун жана бекитүүнүн тартиби жөнүндө” КР Өкмөтүнүн токтомунун долбоору; “Курултайлар жөнүндө” КР Мыйзамынын долбоору; КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 14-январындагы №6 “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын базалык реестрин бекитүү жөнүндө” токтомунун долбоору; КР Жогорку Кеңеши 2017-жылдын 13-декабрында кабыл алган “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамы; “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” КР Мыйзамынын долбоору; КР Өкмөтүнүн “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн механизмдери жөнүндө” токтомунун долбоору; КР Өкмөтүнүн “Кыргыз Республикасында жарым стационардык социалдык тейлөөнү уюштуруу жөнүндө” токтомунун долбоору.

ЧУАнын айрым долбоорлоруна карата маанилүү сунуштар, ой-пикирлер жана каршы пикирлер берилди. Бул тууралуу толук маалыматты төмөн жактан таба аласыз.

## «Курултайлар жөнүндө» Мыйзам долбооруна катчылыктын иш-милдеттерин КР ЖӨБ Союзу аткарсын деген сунуш берилди

Диалогду түзүүдө, пикир алмашууда жана эки тараптуу байланышты түзүүдө курултайлар жөнүндө мыйзам долбоорунун коом жана бийлик үчүн оң мааниси бар. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 13-беренесине ылайык, жергиликтүү жамааттар өз ара жардамдашуу, социалдык, экономикалык жана маданият милдеттерди биргелешип чечүү, өз укуктарын жана кызыкчылыктарын кыйла натыйжалуу жүзөгө ашыруу максатында, өз иштерин координациялоо үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жана формаларда коммерциялык эмес уюмдарды түзүүгө укуктуу. Кыргыз Республикасында 2010-жылдан бери жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызыкчылыктарын борбордук жана жергиликтүү деңгээлдерде коргогон жалгыз легитимдүү орган иштеп келет – “Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу” Юридикалык жактардын бирикмеси.

Мүчөлүк уюм катары Союзда тиешелүү башкаруу органы, аткаруучу дирекциясы бар, өз ишин туруктуу жүзөгө ашыруу үчүн укуктук шарттар түзүлгөн, республикалык элдик курултайдын катчылыгынын функциясын толук кандуу жүзөгө ашыра алат. Буга байланыштуу мыйзам долбоорунун 14-беренесинин 8-пунктунун экинчи абзацын төмөнкүдөй редакцияда жазуу сунушталат: “Катчылыктын функцияларын Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу аткарат”.

***Редакциядан:** Бул маселе боюнча Өнүктүрүү саясат институтунун пикири КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзунун пикиринен айырмаланат. ӨСИ КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзунун миссиясы жана функциялары ага курултайдын секретариатынын милдетин аткаруу мүмкүнчүлүгүн бербейт деп эсептейт..*

## Ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү механизми боюнча өкмөткө каршы пикир

КР ЖӨБ Союзу “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн механизмдери жөнүндө” КР Өкмөтүнүн токтомунун долбооруна карата терс корутундусун жиберди. Бул токтом долбоору сунушталган редакцияда ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө мыйзамдарды натыйжалуу аткарууга бут тоскон бир катар нормаларды камтыган. Аны менен катар, токтомдун долбоору колдонуудагы Өткөрүп берүү жөнүндө Типтүү келишимди кайталап, бир топ “кескиленген”, республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге берилген трансферттердин (субвенциялардын) көлөмүн эсептөө методикасы жөнүндө мыйзамдардын талаптарын бузган; КР Өкмөтүнө ашыкча административдик жүк салган, ошондой эле укуктук жана практикалык көз караштан алып караганда бир катар башка кемчиликтерди камтыйт.

## ЖӨБ Союзунун мүчөлөрүнүн бюджет жөнүндө парламенттик угууларга катышуусу

2017-жылдын ноябрь айында КР ЖӨБ Союзу өзүнүн Башкаруу мүчөлөрүнүн, ошондой эле Балыкчы шаардык кеңешинин депутаттарынын республикалык бюджеттин долбоору боюнча КР Жогорку Кеңешинде өткөн Парламенттик угууларга катышуусун уюштурду. Угуулар маалында КР ЖӨБ Союзу чакырган ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүндө өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар жана бюджет аралык мамилелер чөйрөсүндө ЖӨБ органдарынын көйгөйлөрү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн өкүлдөрүнө суроо узатуу мүмкүнчүлүгү болду.

## КР ЖӨБ Союзунун Эксперттик кеңеши түзүлдү

КР ЖӨБ Союзуна караштуу Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү маселелери боюнча Эксперттик кеңеш түзүлдү. Эксперттик кеңештин максаты – ЖӨБдүн келечектеги багыттарын жана программаларын иштеп чыгууга, аналитикалык материалдарды, эксперттик корутундуларды даярдоого катышуу жана ЖӨБ органдарына консультацияларды берүү. Эксперттик кеңеш тууралуу Жобо КР ЖӨБ Союзунун Башкаруусунун тескемеси менен иштелип чыгып, бекитилген. Эксперттик кеңештин курамы жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө тажрыйбасы жана билими бар, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат органдарында иш тажрыйбага ээ, илимий-педагогикалык иш стажы бар илимий кызматкерлерден, эксперттерден түзүлдү. Эксперттик кеңештин уюштуруучулук жыйыны өтүп, төрагасы болуп Бакыт РЫСПАЕВ дайындалды.

# КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу суроолорго жооп берет

**Жайыт комитеттери юстиция органдарынан жеке жак катары каттоодон өткөн. Ошондуктан айыл өкмөтү алардын ишин көзөмөлгө алууга укугу жок. Өз ара сүйлөшүп алгандыктан акча каражаттары айыл өкмөттүн бюджетине түшпөй калууда. Акча айыл өкмөтүнүн бюджетине түшсүн дегени менен көзөмөл дээрлик жок. Жайыт комитетинин ишмердүүлүгүн ким текшерет? Алар жергиликтүү кеңешке отчет бергиле дегенге каршы чыгып жатышат.**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 4-беренесине ылайык Жайыттар жеке менчикке же ижарага берилиши мүмкүн эмес.

13-беренеге ылайык, Айыл өкмөтү жайыттарды пайдаланууга берүү жана аларды пайдалануунун тартибин белгилөө компетенциясына ээ.

18-беренеге ылайык, жергиликтүү кеңеш жайыттын аянт бирдигине, инфраструктурасына, ошондой эле продуктуулугуна жана алыс жайгашкандыгына карата оптималдуу ишти эске алуу менен жайыт пайдалануучулар үчүн мал башына акы төлөөнүн өлчөмүн белгилешет.

Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” мыйзамынын 4-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ыйгарым укуктары төмөнкүлөр:

1. Тескөө укугун кошпогондо, мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу үчүн жоопкерчилик жана контроль жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берилет.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча ыйгарым укуктарын жайыт пайдалануучулар бирикмесине өткөрүп берүүгө укуктуу.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы жайыттарды пайдалануу бо-

юнча жамааттын пландарын жыл сайын бекитет, ошондой эле алардын аткарылышы жөнүндө отчетторун угат.

4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыттарды пайдалануу боюнча ишмердигине, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын кийлигишүүсүнө жол берилбейт.

Ошондой эле ушул Мыйзамдын 5-6-беренелеринде Жайыт пайдалануучулардын жана Жайыт комитетинин укуктары жана милдеттери бекитилген.

11-беренеде Жайыт пайдалануу үчүн каражаттарды пайдалануу нормалары бекитилген:

1. Жайыт пайдалануу үчүн акы төлөө жайыт комитети, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы менен жылда макулдашат жана жайыттарды пайдалануунун жылдык планында көрсөтүлөт.

2. Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн акы төлөөнүн жайыт комитетинин үлүшүн түзүүчү бөлүгү жайыттарды жана жайыт инфраструктурасын кармоого, жакшыртууга жана өнүктүрүүгө багытталат.

3. Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн акы төлөөнүн жергиликтүү өз алдынча башкарууга тиешелүү жалпы үлүшүнүн үчтөн бир бөлүгүнөн кем эмес салыктардын төлөмүн эске алуу менен жергиликтүү бюджетке которулат.

18-беренеге ылайык кызмат адамдары, жайыт комитетинин мүчөлөрү жана жайыт пайдалануучулар ушул Мыйзамды бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке тартылат.

## Айыл өкмөтү өз ишинде Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин (ЖӨБЭММА) Буйругу менен бекитилген айыл өкмөтүнүн Типтүү регламентин колдоно берсе болобу? Аны ким бекитиши керек: өз чечими менен жергиликтүү кеңешпи же өз буйругу менен айыл өкмөтү бекитеби?

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин (ЖӨБЭММА) 2017-жылдын 21-ноябрындагы № 01-18/156 буйругу менен Айыл өкмөтүнүн Типтүү регламенти бекитилген. Типтүү регламенттин негизинде ар бир айыл өкмөтүнө өзүнүн Регламентин иштеп чыгып, айыл өкмөтүнүн тескемеси менен бекитип, өз ишинде колдонуу сунушталат.

## ЖӨБ Союзуна консультация сурап кайрылсак болобу?

ЖӨБ Союзу мүчөлөрү болуп эсептелген шаардык мэриялар жана айыл өкмөттөрүнөн келип түшкөн жалпы маанидеги суроолорго жана кайрылууларга жоопторду жана кеңештерди берет.

Суроолор жана кайрылуулар Союздун дарегине расмий кат түрүндө, электрондук дарегине кат аркылуу, WhatsApp номерине, жеке келип кайрылуу түрүндө түшөт.

Юридикалык дареги: Бишкек шаары, Киев көчөсү, 96 “Б”, 3-кабат, 413-414-415-кабинеттер; электрондук дареги: msu.kg@mail.ru, WhatsApp номери - 0559 818158, факс номери: 312 620883.

ЖӨБ Союзу тарабынан келип түшкөн кайрылууларга жана суроолорго жооптор, юридикалык кеңештер жогоруда көрсөтүлгөн байланыш булактары аркылуу жеткирилет.

## ЖӨБ Союзуна төлөнүүчү мүчөлүк акынын суммасы канча, төлөөнүн жол-жоболору кандай, жергиликтүү кеңештин чечими жетиштүүбү?

ЖӨБ Союзуна мүчөлүк акынын өлчөмү Уставда бекитилгендей аймактын калкынын санына жараша, бир кишиге 1 сомдон жылына бир жолу жергиликтүү бюджеттен төлөнөт. Мисалы, айыл өкмөтүндө 5000 калк болсо 5000 сом болот.

ЖӨБ Союзуна мүчө болуп кирүү жана жылына бир жолу мүчөлүк төлөмдү төлөө боюнча Айылдык кеңештин жана шаардык кеңештин чечими болушу керек.

Мүчөлүк акыларды которууда мүчүлүштүктөр болбос үчүн Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы № 161-п буйругу менен бекитилген Бюджетик классификацияга “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруулардын Союздарына жана Ассоциацияларына мүчөлүк акылар” боюнча 26211300 номерлүү банктык код киргизилген.